Жаштык бул - ЖИГЕР!

НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№07 (246) 2026-жыл, октябрь   Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

Кытайлык окутуучу Чэнь Вэнь: ОшМУну тандаганыма үч себеп бар

1-3-бет

КИНО ЖАНА ТЕАТР ДҮЙНӨСҮНӨ БАЙЛАНГАН ТАГДЫР

9-бет

Илим жолундагы алгачкы кадамдар

5-бет

Кытайлык окутуучу Чэнь Вэнь: ОшМУну тандаганыма үч себеп бар

Тил үйрөнүү башка элдин маданиятын таанып-билүүгө жана жаңы мүмкүнчүлүктөргө жол ачкан кадам. Акыркы жылдары Кыргызстанда кытай тилин үйрөнүүгө кызыккан жаштардын саны да өсүүдө.

Ош мамлекеттик университетинин Конфуций институтунда (кыргыз-кытай факультетинде) студенттерге кытай тилин үйрөтүп, алардын кесиптик өнүгүүсүнө салым кошуп келе жаткан окутуучу Чэнь Вэнь Борбор Азияда он жылдан ашык убакыттан бери эмгектенип келет. Ал 2023-жылдан бери аталган институтта иштеп, кытай тилин окутуу менен катар студенттерди чыгармачылык сынактарга даярдоо, окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуу жана маданияттар аралык байланышты чыңдоо багытында иш алып барууда.

Биз Чэнь Вэндин Кыргызстанга келүү чечими, ОшМУдагы окутуу чөйрөсү жана анын алдыдагы пландары тууралуу маектештик.

– Саламатсызбы! Алгач өзүңүздү окурмандарга тааныштырып өтсөңүз.

– Мен Кытайдын Шинжаң аймагынан болом, 39 жаштамын. Шинжаң педагогикалык университетин бүтүргөм.

– Кыргызстанга, анын ичинде Ош шаарына келип, ОшМУнун Конфуций институтунда иштөөңүзгө эмне түрткү болду?

– Ош мамлекеттик университетинин Конфуций институтуна келгенге чейин Тажикстан улуттук университетинин Конфуций институтунда алты жыл эмгектендим. Кызматтык ротация учурунда кайсы Конфуций институтунда иштөөнү тандоо мүмкүнчүлүгү берилгенде, борбордогу окуу жайларды эмес, ОшМУнун Конфуций институтун тандадым. Мындай чечим кабыл алышыма үч себеп болду. Биринчиден, ОшМУнун Конфуций институтунун өзүнө таандык окуу корпусу, жатаканасы жана аймагы бар. Анын окуу шарттары, иш алып баруу модели башка институттардан айырмаланат. Бул жерге келип, жаңы тажрыйба топтогум келди. Экинчиден, Тажикстанда иштеген алты жылымда негизинен кытай тилин баштапкы жана башталгыч деңгээлде окуттум. Бакалавриат деңгээлинде сабак

берүүгө дээрлик мүмкүнчүлүк болгон эмес. Ал эми ОшМУнун Конфуций институтунда бакалавриат студенттерине кытай тилин окутууга өзгөчө көңүл бурулат. Бул менин кесиптик тажрыйбамды кеңейтүүгө жана педагогикалык жөндөмүмдү өнүктүрүүгө жакшы мүмкүнчүлүк болду. Үчүнчүдөн, Ош шаарынын тургундары жөнөкөй, боорукер, ак көңүл жана кытай жарандарына жылуу мамиле жасай турганын уккам. Ошондуктан бул жерде жашап, иштеп, жергиликтүү элдин меймандостугун өз көзүм менен көргүм келди.

– Кыргызстанга биринчи жолу келген учуруңуз эсиңиздеби?

– Кыргызстанга, тактап айтканда, Ош шаарына 2023-жылдын 28-февралында биринчи жолу келгем. Борбордук Азияда мурда да узак убакыт иштегендиктен жана орус тилин жакшы билгендиктен жергиликтүү тамак-аш, жашоо-тиричилик, күнүмдүк жүрүм-турум өзгөчөлүктөрү мага анчалык деле жат болгон жок. Ошондуктан өзүмдү бөтөн жерде жүргөндөй сезген жокмун. Келген күнү эле жергиликтүү тамактардан даам таттым. Алардын даамы өзгөчө экен. Тажикстанда иштеп жүргөндө мындай тамактарды көп кездештирген эмесмин. Бирок мага эң чоң жылуулукту студенттерим жана кесиптештерим тартуулашты. Ошко жаңы келгенде көп нерсени билчү эмесмин. Виза алуу, медициналык текшерүүдөн өтүү, күнүмдүк керектүү буюмдарды сатып алуу сыяктуу иштерде студентим Давэй өз каалоосу менен жардам берип, мени бардык жерде коштоп жүрдү. Ал мугалимин сыйлаган, адамдарга чын жүрөктөн мамиле кылган студент. Конфуций институтундагы кытайлык жана кыргызстандык кесиптештерим да ар тараптуу колдоо көрсөтүштү. Кытайлык мугалимдер жашоо-шартымды жөнгө салууга, тамак-аш, кийим-кече, турак жай маселелерине жардам беришсе, кыргызстандык кесиптештерим мени унаа менен тосуп алып, көчүп-конуу иштериме көмөктөштү. Институттагы эки өлкөнүн кызматкерлеринин бири-бирине жардам берип, ынтымакта иштегени мага бул жерди чоң үй-бүлөдөй сезүүгө мүмкүнчүлүк берди.

– Студенттер менен иштөөдөн жана баарлашуудан кандай таасир аласыз?

– Учурда Конфуций институтунда бакалавриат студентерине кытай тилинен сабак берем. Алардын тил боюнча базалык билимин бекемдөөгө жана кесиптик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө көңүл бурам. Мындан тышкары окуу иштерин уюштурууга, студенттердин жетишкендиктерин көзөмөлдөөгө, аларга кеңеш берүүгө катышам. Кыргызстандык студенттердин чынчылдыгы жана билим алууга болгон ынтызарлыгы мага өзгөчө таасир калтырат. Алар сабактарга активдүү катышып, тапшырмаларды кылдат аткарышат. Сабактан кийин да түшүнбөгөн суроолорун өздөрү келип сурап, билимдерин тереңдетүүгө аракет кылышат. Мүнөздөрү ачык-айрым, жөнөкөй жана сылык. Мугалимдерин сыйлашат, бири-бирине жардам берип, ынтымактуу мамиледе болушат. Студенттер менен күн сайын баарлашуу мага жаштардын энергиясын жана жаңы нерселерди үйрөнүүгө болгон умтулуусун сезүүгө шарт түзөт. Ошол эле учурда маданияттар аралык байланыш менин

(Уландысы кийинки бетте)

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

да кесиптик тажрыйбамды байытып жатат.

– Студенттер сизге кыргыз тилин үйрөнүүгө жана жергиликтүү маданият менен таанышууга жардам берип жатышабы?

– Студенттер менен тыгыз байланышта болуунун натыйжасында Кыргызстан тууралуу мурдагы түшүнүктөрүмдүн көбү өзгөрдү. Башында Тажикстан менен Кыргызстан Борбордук Азиядагы коңшу өлкөлөр болгондуктан маданияты жана каада-салттары анчалык деле айырмаланбаса керек деп ойлочумун. Бирок бул жерде жашап, эки өлкөнүн улуттук каада-салттары менен аймактык маданиятында олуттуу айырмачылыктар бар экенин түшүндүм. Мага өзгөчө улуттук каада-салттар, искусство маданияты таасир калтырды. Мен бийлегенди жакшы көрөм. Тажикстанда иштеп жүргөндө алардын улуттук бийлерин да үйрөнгөм. Ал эми кыргыздардын салттуу бийлеринин өзүнө гана таандык стили жана өзгөчөлүгү бар экен. Жергиликтүү маданияттагы айрым көрүнүштөр мен үчүн жаңы болду. Мисалы, эркектердин улуттук калпак кийиши, эркектер менен аялдардын биргелешип «Манас» эпосун айтуусу мага өзгөчө кызыктуу көрүндү. Эсимде калган окуялардын бири, төртүнчү курстун студенттеринин Нооруз майрамында «Манас» эпосунун негизинде чыгармачылык программа даярдап, сахналаштырып көрсөткөнү болду. Программада баяндоо, сахналык көрүнүштөр, салттуу ырлар жана улуттук бийлер айкалышып, мазмуну бай, формасы ар түрдүү болду. Студенттер кыргыз элинин маданиятын ар тараптуу көрсөтө алышты. Алардын аткаруусу мага абдан таасир калтырды. Мугалим катары студенттерим менен чын жүрөктөн сыймыктандым.

– Кыргызстандык жаштардын кытай тилин үйрөнүүгө болгон кызыгуусунун негизги себеби эмнеде деп ойлойсуз?

– Менин оюмча, жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү жана кесиптик өнүгүү жаштардын кытай тилин үйрөнүүсүнө түрткү берген негизги факторлор. 2023-жылы пандемиядан кийинки мезгилде Кыргызстан менен Кытайдын соода-экономикалык кызматташтыгы жана биргелешкен долбоорлору жандана баштады. Көптөгөн кытайлык ишканалар, биргелешкен долбоорлор Кыргызстанда ишке ашырылууда. Ошондой эле эки өлкөнүн транспорт, экономика, эл аралык кызматташтык тармактарындагы байланыштарынын өнүгүшү кытай тилин билген адистерге болгон суроо-талапты жогорулатууда. Кытай тилин жакшы өздөштүргөн жана кесиптик билими бар адистер үчүн жумуш тандоо мүмкүнчүлүктөрү кеңейип, карьералык өсүүгө да шарт түзүлүүдө. Муну Конфуций

институтуна кабыл алуу көрсөткүчтөрүнөн да байкоого болот. 2025-жылы биринчи курска 200 студент кабыл алынган болсо, 2026-жылы алардын саны 300гө жетти. Бул Кыргызстанда кытай тилин үйрөнүүгө болгон кызыгуу өсүп жатканын көрсөтөт. Албетте, айрым студенттерди Кытайдын тилине жана маданиятына болгон кызыгуу да шыктандырат. Алар кытай тилин үйрөнүү аркылуу Кытайга барып, өлкө менен жакындан таанышууну, ал тургай ошол жактан билим алууну каалашат.

– Кытай тилин жаңы үйрөнө баштаган студенттерге кандай кеңеш бересиз?

– Эл аралык кытай тилин окутуу тармагында он жылдан ашык убакыттан бери иштеп келем. Тил үйрөнүүдө «20/80 эрежеси» маанилүү деп эсептейм. Баштапкы этапта бекем негиз түзүү, пайдалуу адаттарды калыптандыруу жана туура методдорду өздөштүрүү кийинки окуунун натыйжасына түздөн-түз таасир этет. Биринчиден, фонетикалык негизди бекемдеп, сөздөрдүн тонун туура айтууга өзгөчө көңүл буруу керек. Кытай тилиндеги тон тилдин маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн

бири. Баштапкы этапта пиньинди жана тонду машыгууга жетиштүү убакыт бөлүү зарыл. Сүйлөө ылдамдыгын жайлатууга туура келсе да, ар бир сөздүн айтылышын жана тонун туура өздөштүрүүгө аракет кылуу керек. Туура айтылыш көндүмүн башынан калыптандырсаңыз, кийинки окуу кыйла жеңил болот. Тескерисинче, туура эмес айтылыш адаты калыптанып калса, аны кийин оңдоо бир топ кыйынга турат. Экинчиден, иероглифтерди жазуу көндүмүн башынан эле өнүктүрүү зарыл. Кытай тили боюнча адистикте окуган студенттер үчүн жазуу жөндөмү маанилүү. Эгер баштапкы этапта иероглиф жазуудан качсаңыз, кийин аны өздөштүрүүдө кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн. Үчүнчүдөн, сабактан тышкаркы убакта үзгүлтүксүз окуу адатын калыптандыруу керек. Кайсы тил болбосун, аны үйрөнүүдө көп окуу, тилдик чөйрөгө аралашуу маанилүү. Кытай тилин үйрөнүүдө да туруктуулук жана күн сайын машыгуу чоң роль ойнойт.

– ОшМУнун Конфуций институтундагы окутуу шарттарын жана билим берүү чөйрөсүн кандай карайсыз?

(Уландысы кийинки бетте)

– Мен институттагы окутуу шарттарына жана билим берүү чөйрөсүнө абдан ыраазымын. Кытайдагы көптөгөн Конфуций институттары менен салыштырганда, ОшМУнун Конфуций институтунун өзгөчө артыкчылыктары бар. Анын өзүнчө окуу корпусу, жатаканасы, атайын аймагы бар. Окуу бөлмөлөрү кенен, жарык, таза жана ыңгайлуу. Окутуу жабдуулары жетиштүү, билим берүү үчүн бардык зарыл шарттар түзүлгөн.

– Жергиликтүү элдин кайсы сапаттарын баалайдыңыз?

– Жергиликтүү элдин жөнөкөйлүгүн, чын ыкластуулугун жана меймандостугун өзгөчө баалайм. Конфуций институтунун ишмердүүлүгүнүн алкагында студенттердин үйлөрүнө байма-бай барып турабыз. Алардын ата-энелери бизди ар дайым жылуу кабыл алып, конок катары сыйлашат. Биз алдын ала байланышып, атайын даярдануунун кереги жок экенин, убара болбоону айтсак да, алар сөзсүз мол дасторкон жайып, мөмө-жемиштерди жана суусундуктарды даярдашат. Айыл чарба жана мал чарбачылыгы менен алектенген айрым үй-бүлөлөр өздөрү багып өстүргөн малдан союп, атайын тамак жасап беришет. Мындай жөнөкөй, таза жана чын жүрөктөн чыккан мамиле бизге ар бир үй-бүлөгө барган сайын өзгөчө жылуулук тартуулайт.

– Окутуудан тышкары кандай кызыгууларыңыз бар?

– Бош убактымда ырдаганды жакшы көрөм. Ырдоого болгон кызыгуумдун негизинде институтта кытай ырлары боюнча атайын сабактарды өтүүнү өз каалоом менен колго алдым. Ар жума сайын эки академиялык саат кытай ырларын үйрөтөм. Ыр аркылуу Кытайдын маданиятын жайылтууга жана студенттердин кытай тилин үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттырууга аракет кылам. Менин жетекчилигимде студенттер кытай тилиндеги чыгармачылык сынактарга активдүү катышып жакшы жыйынтыктарга жетишип келишет. Конфуций институту тарабынан уюштурулган республикалык кытай ырлары сынагында да алдыңкы орундарды ээлешүүдө.

– Кыргызстан менен Кытайдын жогорку окуу жайларынын ортосундагы кызматташтыкты дагы кандай багыттарда өнүктүрүүгө болот?

– Учурда Кыргызстан менен Кытайдын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын негизинде студенттерди даярдоонун белгилүү бир системасы калыптанган. Анын маанилүү багыттарынын бири эки өлкөнүн университеттеринин биргелешкен билим берүү программалары. Мындай программалар аркылуу студенттер мамлекеттик стипендияга тапшырып, «Кыргызстанда эки жыл, Кытайда эки жыл» модели боюнча билим ала алышат. Бул модель студенттерге өз өлкөсүндө тилдик жана маданий билимин бекемдөөгө, ошол эле учурда Кытайда кесиптик билим алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Натыйжада алардын билим деңгээли жогорулап, дүйнө таанымы кеңейет. Мындан тышкары эки өлкөнүн стратегиялык кызматташтыгы тереңдеген сайын жогорку окуу жайлардын ортосундагы байланыштар да кеңейүүдө. Эки тарап кытай тилин окутуу, илимий изилдөө жүргүзүү, окуу китептерин иштеп чыгуу, мугалимдерди биргелешип даярдоо жана маданий кызматташтык багыттарында иш алып барууда. Келечекте кызматташтыкты өнүктүрүү менен Кытайда билим алууга мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтип, атайын колдоо программаларын жана университеттер менен ишканалардын кызматташтыгына негизделген жумуш мүмкүнчүлүктөрүн түзүүгө болот. Бул кыргызстандык жаштар үчүн жаңы жолдорду ачат.

– Алдыда кандай максат, пландарыңыз бар?

– Борбордук Азияда эл аралык кытай тилин окутуу тармагында он жылдан ашуун убакыт иштеп окутуу, илимий изилдөө жана сынактарга катышуу боюнча мол практикалык тажрыйба топтодум. 2025-жылы Кыргызстанда өткөн кытай тили мугалимдеринин сабак өтүү чеберчилиги боюнча республикалык сынакта биринчи орунду ээледим. ОшМУнун Конфуций институтунда иштеп жүргөн мезгилде Кытай тараптын директору Ан Дэюандын жетекчилиги алдында бакалавриат үчүн кытай тили боюнча окуу китептерин иштеп чыгууга активдүү катыштым. Анын ичинде жергиликтүү шарттарга ылайыкташтырылган «Иш кагаздарын жазуу боюнча окуу курсу» аттуу китептин башкы редактору болдум. Мындан тышкары Ан Дэюандын жетекчилигинде биздин команда ОшМУнун Конфуций институтунун өзгөчө өнүгүү моделине арналган долбоорду Шинжаң педагогикалык университетинин билим берүү тармагындагы жетишкендиктер боюнча сыйлыгына сунуштаган. 2026-жылы долбоор университеттик деңгээлдеги өзгөчө сыйлыкка татыды. Келечекте Борбордук Азияда кытай тилин окутуу боюнча топтогон тажрыйбамды билим берүү тармагын өнүктүрүүгө жумшагым келет. Тажрыйба бөлүшүү, методикалык жетекчилик кылуу жана биргелешкен илимий-методикалык иштер аркылуу кыргызстандык кытай тили мугалимдеринин кесиптик өсүшүнө көмөк көрсөтүүнү максат кылам. Негизги максатым билим берүү аркылуу маданиятты жайылтуу.

– Кыргызстанда иштеп жүрөсүз. Туулган жериңизди сагынган чыгарсыз. Бул жактан Кытайга кандай эстелик алып кеткиңиз келет?

– Чет өлкөдө узак убакыт иштегендиктен Кытайдын ар кайсы аймактарына таандык улуттук жана жергиликтүү тамактарды өзгөчө сагынам. Ал эми Кыргызстанда мен үчүн баалуу болгон көптөгөн жакшы эскерүүлөр бар. Кыргызстандын студенттеринин

чыгармачылык жөндөмү жана фантазиясы абдан күчтүү. Алардын кол эмгектери, өз колу менен тарткан сүрөттөрү, сайма буюмдары, өзгөчө жасалган күндөлүктөрү жана эскерүү китептери абдан кооз. Кытайга кайтып бара жатканда студенттерим өз колдору менен жасап берген эскерүү китебин ала кетким келет. Анын ичинде өздөрү тарткан сүрөттөрү, сайма жасалгалары, күнүмдүк жашоодон алынган сүрөттөр жана чын жүрөктөн жазылган каалоо-тилектер болсо, мен үчүн өзгөчө баалуу болмок.

– Кытайдан Кыргызстанга биринчи жолу келген дос, таанышыңызга кайсы жерлерди көрүүнү сунуштайт элеңиз?

– Биринчи кезекте, албетте, Ысык-Көлгө барууну сунуштайм. Анын жаратылышы укмуштуудай кооз, суусу тунук, айлана-чөйрөсү тынч. Бул жер Азиянын жаратылышынын кооздугун терең сезүүгө мүмкүнчүлүк берет. Андан кийин Ош шаарындагы Сулайман-Тоону көрүүгө чакырат элем. Бул жер жергиликтүү эл үчүн чоң тарыхый жана руханий мааниге ээ. Анын тарыхый-маданий мурасы терең, айлана-чөйрөсү да өзгөчө таасир калтырат. Ошондой эле Ош облусундагы Кара-Кой аймагына барууну сунуштайм. Анын кооз жаратылышы, тоо-суулары, жагымдуу чөйрөсү эс алып, Кыргызстандын табигый өзгөчөлүктөрү менен жакындан таанышууга жакшы мүмкүнчүлүк түзөт.

– Студенттерге каалоо-тилегиңиз?

–Кытайда билим алуу кытай тилин үйрөнүүнүн жалгыз максаты эмес. Эң маанилүүсү окууга жоопкерчилик менен мамиле кылып, кытай тилин жакшы өздөштүрүп, кесиптик билимиңерди бекемдегиле. Студенттик жылдарыңарды баалагыла. Талыкпай эмгектенип, туруктуулук менен алдыга умтулгула. Кытай тили боюнча терең билимиңер аркылуу жакшы жумуш табуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуп, өзүңөрдүн жаркын келечегиңерди курууга кадам таштагыла.

Зинагул Нуралиева

ИЛИМ ЖОЛУНДАГЫ АЛГАЧКЫ КАДАМДАР

Эл аралык олимпиадалардагы ийгиликтер, гепатиттин В түрү боюнча 835 бейтаптын медициналык документтерине негизделген изилдөө жана 180ден ашык студент окуган агымдын уюштуруучулук иштерине катышуу — бул милдеттердин ар бири өзүнчө убакытты жана чоң жоопкерчиликти талап кылат.

Үчүнчү курстун студенти Айпери бул милдеттердин баарын медициналык билим алуу менен катар алып барууга аракет кылып келет. Төмөндө ал келечек кесибине болгон даярдыгы жана илимий изденүүлөрү тууралуу баяндалат.

Ак халатка татыктуу болуу

Кичинекей кезимде ак халат кийип, адамдарды дарылаган адис болууну кыялданаар элем. Жылдар өткөн сайын бул каалоом кесип тандоодогу аң-сезимдүү максатыма айланды. Медициналык билим ала баштаганда кызыгуум кесиптин сырткы көрүнүшүнөн адам организминин татаал түзүлүшүнө, оорулардын себептерине жана аларды алдын алуу мүмкүнчүлүктөрүнө ооду.

Мен үчүн медицина — адамдарга жардам берүү каалоосу менен илимий ой жүгүртүүнүн кесилишкен жери. Дарыгердин чечими бейтаптын ден соолугуна, айрым учурда өмүрүнө таасир этерин түшүнүү кесибиме болгон мамилемди аныктайт. Мен үчүн дарыгер болуу жөн гана ак халат кийүү эмес, ошол халатка татыктуу болуу, чоң жоопкерчиликти моюнга алуу жана өмүр бою билим алууга даяр болуу деп билем.

Билим сыналган бийиктиктер

Медицинадагы кызыгуумду окуу аудиториясы менен гана чектебейм. Өзүмдү сынап көрүү максатында анатомия, гистология жана патологиялык анатомия боюнча эл аралык олимпиадаларга катышып, байгелүү орундарды ээледим. Бул багыттар адам денесинин түзүлүшүн, ткандардын өзгөчөлүктөрүн жана оорунун натыйжасында пайда болгон өзгөрүүлөрдү терең түшүнүүнү талап кылат.

Олимпиадага даярданууда маалыматты жөн гана жаттап алуу жетишсиз экенине ынандым. Темалардын маңызын түшүнүү, өз ара байланыштарды салыштыруу жана теорияны практикалык суроолор менен бекемдөө менин негизги ыкмаларыма кирет. Татаал тапшырмага туш болгондо дароо жооп табуудан мурда маселени талдоого умтулам. Мындай сынактар мен үчүн билимди текшерген аянтча гана эмес, убакытты башкарууну, атаандаштыкта сабыр сактоону жана өз мүмкүнчүлүгүмдү туура баалоону үйрөткөн чоң тажрыйба болуп калды. Менин негизги максатым — ар бир сынактан жаңы тажрыйба алып, кечээги өзүмдөн дагы жакшыраак болууга умтулуу.

Илимге карай кадам

Окуудагы кызыгуум бүгүн илимий изилдөө менен улануудa. Азыркы тапта В гепатитинин боор циррозунун калыптанышына байланышкан клиникалык жана эпидемиологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдеп, 835 бейтаптын архивдик медициналык документтерин талдап жатам.

Бул теманын мааниси абдан чоң: өнөкөт В гепатити боордун олуттуу жабыркашына, анын ичинде циррозго алып келиши мүмкүн. Оорунун жүрүшүнө байланышкан факторлорду талдоо аны эртерээк аныктоо жана тобокелдиктерди баалоо маселелерине жарык түшүрүүгө багытталган. Ишимдин максаты — медициналык документтердеги маалыматтар аркылуу оорунун клиникалык жүрүшүн, эпидемиологиялык өзгөчөлүктөрүн жана цирроздун калыптанышы менен байланыштуу болушу мүмкүн болгон факторлорду аныктоо. Изилдөө дагы эле жүрүп жаткандыктан, аны даяр жыйынтык же далилденген жаңы ачылыш катары көрсөтүүгө азырынча негиз жок.

Медицинада ооруну дарылоо менен катар анын алдын алуу жана тобокелдиктерди өз убагында аныктоо да чоң мааниге ээ деп эсептейм. Бул иш мага даяр маалыматты үйрөнүүдөн тышкары, медициналык далилдер кантип талданарын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берүүдө.

180 студент жана бир жоопкерчилик

Үчүнчү курстун оор окуу жүгү менен илимий ишти айкалыштыруу оңой эмес. Бул милдеттерден сырткары, студенттик илимий коомдун ишине катышып, 180ден ашык студент окуган агымдын уюштуруучулук маселелерин координациялоого да убакыт бөлөм. Мындай милдеттерди аткарууда эң зарыл нерсе — убакытты туура бөлүштүрүү. Иштерди алдын ала пландаштыруу менен катар ар кандай пикирлерди угуу, күтүлбөгөн маселелерге сабырдуу мамиле кылуу жана команданын ичинде тил табышуу маанилүү. Ошондой эле студенттердин академиялык укуктарын коргоо жана талаш-тартыштарды жөнгө салуу иштерине да катышып келем. Бул тажрыйба мага бир тараптын гана пикири менен чектелбей, маселени ар тараптан кароонун зарылдыгын көрсөттү. Муну болочок кесибим менен түз байланыштырам: дарыгер да бейтапты угуп, анын тынчсыздануусун түшүнүп, маалыматты жеткиликтүү жеткире билиши керек. Адилеттүүлүк ар бир адамга бирдей урмат-сый менен мамиле кылуудан башталат жана бул принципти келечектеги кесиптик ишимде да бекем сактагым келет.

Илим менен практиканы айкалыштырган келечек

Азырынча медицинанын кайсы тармагында адистешеримди биротоло чече элекмин. Окуунун бул баскычында ар кандай багыттарды терең үйрөнүп, практикалык тажрыйба топтоп, өз кызыгуумду тактоо маанилүү деп ойлойм. Бирок келечектеги кесибиме байланыштуу бир максатым айкын: клиникалык ишти илимий изилдөө менен айкалыштыруу. Менин оюмча, мыкты дарыгерге терең билим менен кошо боорукердик, чынчылдык, сабырдуулук жана өз билиминин чегин түшүнө билүү керек. Медицина тынымсыз жаңыланып тургандыктан, тажрыйбалуу адистерден үйрөнүү жана далилдерге таянуу да кесиптик өсүүнүн ажырагыс бөлүгү.

Курсташтарыма жана курдаштарыма кайрылып, кыйынчылыктан коркпоого, өзүн башкалар менен эмес, кечээги өзү менен салыштырууга чакырат элем. Чоң кыялдардан коркпогула, анткени ар бир чоң жетишкендик кичинекей кадамдардан башталат. Эң негизгиси — максатыңарга карай туруктуу аракет кылуу жана эмне үчүн бул жолду тандаганыңарды унутпоо!

Алина Абдикеримова

БАЛАЛЫКТАН БАШТАЛАГАН КЕЛЕЧЕК

Адам баласы үчүн жашоодогу эң башкы жетишкендиктердин бири өз кесибин жаңылбай, так жана туура тандай билүү. Балалык чакта ким эле ак халатчан дарыгер, ырчы, бийчи же мугалим болууну кыялданган эмес дейсиз? Ошол балалыктын кыялдары, болочокко ташталган үмүт кадамдары кийин чоң турмуштун жолун чагылдырып, студенттик күндөрдүн башатына айланат. Бүгүнкү чыгарылышыбызда дал ошол бала кездеги кичинекей окуянын же өчпөс кызыгуунун кудурети менен келечек кесибинин бекем пайдубалын түптөп жаткан жалындуу студенттердин окуяларын тартуулайбыз.

Кызбурак Досбекова:
«Ырчыларды туурап ырдачумун»

Музыкага болгон кызыгуум кичинемден башталган. Эс тарткандан тартып эле ырчыларга кызыгып, алардын ырларын жаттап алып, апамдын көйнөктөрүн, бут кийимдерин кийип ырчыларды туураганды жактырчумун. Биздин айылдын көчөлөрүндө бала аябай көп болчу, кечки салкында баарын топтоп эшиктин алдына чакырып алып концерт коюп берчүмүн. Алар мага кагаздан акча, кумдан жасалган нан, гүл берет эле. Мен ырдаганда кошуналарыбыз да короого келип туруп калчу. Мектепте окуп жүргөн кезимде да бир дагы маданий иш-чарадан калчу эмесмин. Атым аталган жердин барында сөзсүз ырдап өнөрүмдү тартуулап чоңойдум. Келечегимди эстрада жаатынан гана көрө алгандыктан музыка тармагында билим алуу өзүмдүн каалоом болду. Окуу жайга да ушул кызыгуумдун негизинде тапшыргам. Ырдоонун арты менен алгач ар кандай музыкалык аспаптарда ойной албасам да, аларды үйрөнүүгө абдан кызыгып жүрдүм. Бүгүнкү күндө төрт музыкалык аспапта ойной алам. Алар менин үнүмө үн, демиме дем кошуп берет. Кичинесинде концерт койгон жаш кыз, азыр студент болуп өзүнүн жеке концертин берүүгө даярданып жүрөт.

ПжИ институту, 3-курс

Айбийке Полотбек кызы:
«Кичинемде медицинага көп муктаж болгондуктан...»



Менимче, адам өмүрүн сактап калуу бул жөн гана кесиптик милдет эмес, бул бир адамдын бүтүндөй дүйнөсүн сактап калуу. Анткени ар бир бейтаптын артында аны күтүп жаткан үй-бүлөсү, ишке ашыра элек кыялдары жана жашоого болгон үмүтү бар. Мен дал ушул дүйнөлөрдү сактап калууга салым кошо алган адам болгум келет.

Медицина жолун тандоомдун өзүмө жакын бир себеби бар. Бала кезимде үч жолу наркоз алып, медицинага көп муктаж болгом. Ал кезде медицина тууралуу көп нерсени түшүнө албасам да, чоңойгон сайын адамдын организминде кандай сырдуу процесстер жүрөрү, дарыгерлер адамдын өмүрүн сактап калуу үчүн кандай билимге жана жоопкерчиликке ээ болушу керектиги мени кызыктыра баштады. Балким, ошол тажрыйба менин медицина дүйнөсүнө болгон кызыгуумдун алгачкы учкуну болгондур.

Бирок бул кесипте кармап турган нерсе адамга жардам берүү каалоосу. Кээде дарыгердин бир туура чечими адамдын өмүрүн сактап калса, бир жылуу сөзү анын үмүтүн кайра жандырышы мүмкүн. Мен ооруну гана эмес, анын артында турган адамды да көрө билген дарыгер болгум келет. Мен үчүн эң чоң ийгилик ак халат кийүү эмес, бейтаптын кайрадан жылмайып, жакындарына аман-эсен кайтып келиши. Балким, бир кезде мен медицинанын жардамына муктаж болгон балдардын бири болгондурмун. Эми болсо келечекте ошол жардамды башкаларга бере алган дарыгер болууна каалап, эң оор жана эң татаал кесипти тандап алгам.

Медфак, 4-курс

Айгерим Абдилазизова:
«Өзүмдөн кичүү окуучуларга сабак бергим келчү»

Окуучу кезимден тартып эле жаш балдарга аябай жакын болчумун. Алар менен кадимкидей көчөдө ойноп, баарлашуу күнүмдүк адатым болчу. Бир тууган синдиинилеримдин окууларын өзүм көзөмөлгө алып, бирге жазып, бирге сүрөт тартчумун. Көп учурда мектепте өзүмдөн кичүү окуучуларга сабак бергим келчү. Кээде эжекеден сурап, 30 мүнөт сабак өтүп чыкчумун, жаш балдардын оюн угуп, алар менен бирге эсеп чыгарсам маанайым көтөрүлүп калат болчу.

Ал убакта мугалим болушумду деле дээрлик ойлогон эмесмин. 11-класста кесип тандоо үчүн көп убакыт ойлонуп жүрдүм, келечеги бар кесиптерди талдап көрдүм. Акыры өзүмдү анализдегим келди. Мен эмнеге кызыгам? Дароо оюма жаш балдар келди, демек мен мугалим болушум керек экенин түшүнүп, педагогика жаатын тандап алдым. Практикага чыга элекмин, бирок мен эми эле сабактарды кандай кылып кызыктуу өтсөм, эмне даярдап барсам окуучулардын сабакка болгон көз карашы жакшы жагына өзгөрөт деп ойлонуп жатам. Окуучулар менен иштеп жатканда убакыт бүтпөй эле койсо жакшы эле (күлүп).

ПжИ институту, 1-курс

(Уландысы кийинки бетте)

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

Нурпери Токонбаева:
«Жаратылышка жакын болгондуктан алыс кетпедим»

Табиятты сүйүүчүлөрдүн катарын толуктайм. Бир айда бир жолу шаардан сырткары жакындарым, досторум менен тоого эс алып келүүнү кадимки көрүнүшкө айландырууга жетиштим. Кичинемде жайлоолордо көп жүрдүм. Ошол сезимдер, ошол күндөр дагы деле эсимде. Айылдагы улан-кыздар шаарга качышат, айылдын канчалык адам үчүн ыңгайлуу жай экенин алар жакшы түшүнө элек деп ойлойм. Шаардагы ызы-чуу, адамдын көптүгү, абанын булганып турушу адамдын энергиясын алып алып коёт. Кесибим табигый илимдер мугалими. Жаратылышка жакын болуп чоңойгондуктан жаратылыштан алыс кетпей, ушул багытты тандап алдым. Негизги максатым адамдарды табиятка, жаратылышка тартуу. Мугалим катары окуучуларга кургак аныктаманы жатка айттырбай, тоодо эмне үчүн аба таза, жалбырак эмнеге саргаят, жамгыр эмне үчүн жаайт деген ж.б бир катар суроолордун жообун табууга аракет кылышса дейм. Лекциядан тажаганда окуу жайыбыз тоонун ичинде жайгашып калганда, бир мүнөт да кечикпей жыргап окумакмын деп кыялданып калам. Эртең менен автобус, маршруткага түшкүм келбей сейил бакты аралап жөө кетем. Кесибим менен сейил бактын дал келиши кандай гана керемет.

ТДТТАТИ, 1-курс

Элмырза Мамасадыков:
«Эң биринчи акча бизнесим жалбырактан болгон»

Балалыгымда эч кимге айтпаган өзүм гана билген кыялдарым көп болчу. Жалбырактан акча жасап ойноп, ушул чын эле акча болуп калса, биринчи үйүмдү акчага толтурат болчумун деп көп ойлонот элем. Досторум менен оюн ойногондо эң акчасы көп ролду мен талашып алчумун, ошол кезде эле математиканы жакшы окуп, эсепке так болчумун. Убакыт өтүп мектепти аяктаганда кесип тандоо кыйынга турган жок, дароо эле экономика жаатына тапшырдым. Кесибим менен балалыгымда ойногон оюндар азыр ишке ашып жатканына өзүм да таң калып бүтпөйм.

Көпчүлүк адамдар бухгалтерди жөн гана сандарды эсептеп, документтерди толтурган адам катары элестетиши мүмкүн. Бирок чындыгында бухгалтердин иши мындан алда канча кеңири. Бухгалтер ар бир ишкананын же мекеменин каржылык абалын көзөмөлдөп, киреше-чыгашаларын эсептеп, акча каражаттарынын туура пайдаланылышына жардам берет. Бухгалтердин ишинде ар бир сан, ар бир документ жана ар бир эсеп маанилүү. Кээде кичинекей эле ката чоң маселеге алып келиши мүмкүн. Ошондуктан бухгалтер ар дайым кунт коюп иштеп, маалыматтарды текшерип, ар бир ишине жоопкерчилик менен мамиле кылышы керек. Мен да өзүмдү тартиптүү, жоопкерчиликтүү жана өз ишин так аткарган адам катары өнүктүргөнгө аракет кылып жатам. Айтор, менин эң биринчи акча бизнесим жалбырактан болгон, ал кездеги 100,200 деген сандар азыр эки эсеге көбөйдү. Бала кезимде эмнени кыял кылсам азыр баарын ишке ашырып жатам.

БИМ, 2-курс

Нуржигит Султанов:
«Бул кесипти тандоодо апамдын эмгеги чоң»

Филология - грек тилинен сөздү, тилди өтө жакын, жанындай көрүү дегенди билдирет. Үй-бүлөдө, жакындарым, туугандарым бул жаатты жакшы түшүнүшөт жана колдошот. Алардын аракетиненби билбейм, мен да алардын катарын толуктап кыргыз тили мугалими болгум келчү. Эс тарткандан баштап мен курактуу балдар көчөдө ойносо, а мен үйдөгү болгон китептерди окууга аракет кылчумун. Китептеги билген тамгамды үнүмдү катуу чыгарып окуп, үйдөгү бир туугандарымдан көп уруш уктум. Бала болсом да апам мени жакшы түшүнүп, бул жаатка кызыкканымды колдоду. Атайы үйдүн бир бөлмөсүн мен үчүн даярдап, жомокторду, макал-лакап китептерди сатып алып берген. Ошол күндөн тамганы да, жазганды да эч кимдин жардам сурабай өзүм китептен үйрөндүм. Бул көрүнүш мага кадыресе кызыгуу арттырды. Классташтарымдын алдында бир нерсени түшүндүрүүдө ар бир нерсеге маани берип сүйлөп, ар бир деталга чейин түшүндүрүп берчүмүн. Мугалимдер сен мугалим болсоң аябай жарашат, сенде тубаса жөндөм бар деп көп айтышчу. Эч кимдин каршылыгы жок, жакындарымдын колдоосу менен бул кесиптин студенти болдум. Балким, ошол кезде апам колдоо көргөзбөгөндө мен бул жаатка келбейт элем...

КФжЖФ, 2-курс

Аселя Абдыкадырова:
«Көчөдөгү китептер таасир берди»

Жаз айында Ошко келип көчөдө бара жаткам. Жол жээкте бир эже китеп сатып олтуруптур. Албайт элем, болгону барып көрөйүн деп китептерге көз жүгүрттүм. Кыргызча китептерден «Маркумдар үнү», «Кыямат», «Поллианна» бар экен. Өзүм да түшүнгөн жокмун, өзүм үчүнбү же эже үчүнбү 3 китепти тең сатып алдым. Ошол күнү үйгө кеч бардым, китепти алганымды деле унутуп калыпмын, терезеге койгом барып. «Маркумдар үнү» китебин окуп баштадым, уйкум келип жатса да 50 беттен ашык окудум, эртеси дагы, андан кийин дагы. Китепке болгон кызыгуум ошол күндөн күчөп, кыргызча китептерди сатып ала баштадым. Китепти окуган соң талкуу кылып, анализ жүргүзүү керек. Үй-бүлөдө баары иштеп, өз иши менен. Кайсыл кесипке тапшырарымы ойлонгон деле эмесмин, бирок китептин таасири менен улуу муундагы тааныштардан сурап филология жаатын тандап алдым. Бул жакка келгенден тартып муктаж болгон нерселерими толукташ үчүн аракеттер күчүнө кирди. Көчөдөгү китепти өзүмдүн кесибим үчүн сатып алганымды ошондо түшүндүм.

КФжЖФ, 1-курс
Айганыш Нурлан кызы

ОШМУнун БҮТҮРҮҮЧҮСҮ «ЭЛ ҮМҮТҮ» СТИПЕНДИЯСЫН ЖЕҢИП, ЭДИНБУРГ УНИВЕРСИТЕТИНДЕ ОКУЙТ

Ош мамлекеттик университетинин Тарых-юридика институтунун бүтүрүүчүсү Акмырза Тургунбаев президенттин «Эл үмүтү» эл аралык стипендиясынын ээси болду. Эми ал Улуу Британиянын Шотландия аймагындагы дүйнөгө белгилүү Эдинбург университетинде (University of Edinburgh) «Эл аралык мамилелер» (International Relations) багыты боюнча магистратурада билим алат.

Акмырза университетте окуп жүргөн жылдарында илимий изилдөөлөргө, эл аралык юридикалык олимпиадаларга жана конференцияларга активдүү катышып, академиялык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө умтулган. Алты тил билген жаш адис келечекте эл аралык мамилелер жана дипломатия тармагында иштеп, Кыргызстандын эл аралык кызматташтыгын кеңейтүүгө салым кошууну максат кылат.

Биз Акмырза Тургунбаев менен стипендияга жетүү жолу, ОшМУда алган билими, чет өлкөдө билим алууга болгон кызыгуусу, келечектеги максаттары тууралуу маектештик.

— Акмырза, алгач «Эл үмүтү» эл аралык стипендиясынын ээси болушуңуз менен куттуктайбыз! Бул мүмкүнчүлүк тууралуу кантип билип, сынакка катышуу чечимин кабыл алдыңыз?

– Рахмат! «Эл үмүтү» эл аралык стипендиясы тууралуу университетте билим алып жүргөн кезимде социалдык тармактардан билдим. Бул программа чет өлкөдөгү алдыңкы университеттерде билим алууга мүмкүнчүлүк берерин түшүнүп, катышууну чечтим. Стипендияга тапшыруу үчүн талап кылынган документтерди даярдап, аларды расмий сайтка жүктөдүм. Бул мүмкүнчүлүк мен үчүн билимимди тереңдетүүгө жана келечектеги кесиптик максаттарыма жакындашыма жол ачты.

– Стипендиянын ээси болгонуңузду укканда кандай сезимде болдуңуз? Бул ийгиликти кимдер менен биринчи бөлүштүңүз?

– Бул кабарды укканда абдан кубанып, сыймыктандым. Ошол эле учурда чоң жоопкерчилик жүктөлөрүн да сездим. Анткени мындай мүмкүнчүлүк жеке ийгилик менен гана чектелбестен, алган билимиңди өлкөңдүн өнүгүшүнө жумшоого да милдеттендирет. Жакындарым менин ийгилигимди чоң кубаныч менен кабыл алышты. Алардын колдоосу мага ар дайым күч берип келген. Бул жетишкендик мен үчүн гана эмес, мени колдоп, ишеним арткан адамдар үчүн да өзгөчө мааниге ээ.

– Эл аралык деңгээлде билим алуу максатыңыз качан пайда болду? Буга эмне түрткү берди?

– Бул максат университетте окуп жүргөн жылдарымда, өзгөчө илимий иштерге жана эл аралык юридикалык олимпиадаларга катыша баштаган мезгилде калыптанды. Мындай тажрыйбалар дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндөгү студенттердин ой жүгүртүүсү, билим алуу ыкмалары жана укуктук системалары менен таанышууга мүмкүнчүлүк берди. Ошондо өзүмдүн билимимди дагы терендетип, дүйнөлүк академиялык чөйрөдө тажрыйба топтоонун маанисин түшүндүм.

– Магистратурада билим алуу үчүн эмне себептен Улуу Британиядагы Эдинбург университетин тандадыңыз?

– Улуу Британия дүйнөдөгү алдыңкы билим берүү борборлорунун бири катары белгилүү. Ал эми Эдинбург университети эл аралык деңгээлде таанылган, академиялык салты жана кадыр-баркы жогору окуу жайлардын бири. Бул окуу жайда билим алуу мен үчүн сапаттуу академиялык даярдыктан өтүүгө, эл аралык чөйрөдө тажрыйба топтоого жана дүйнөлүк процесстерди тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан магистратурада билим алуу үчүн дал ушул университетти тандадым.

– Эмне үчүн «Эл аралык мамилелер» багытын тандадыңыз? Келечекте бул тармакта кандай максаттарды көздөйсүз?

– Бул багытка болгон кызыгуум дүйнөлүк саясатка, мамлекеттердин ортосундагы мамилелерге жана эл аралык кызматташтыкка болгон кызыгуумдан улам пайда болду. Менимче, эл аралык мамилелер өлкөнүн кызыкчылыктарын коргоодо, башка мамлекеттер менен өнөктөштүктү бекемдөөдө жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратууда маанилүү орунду ээлейт. Келечекте эл аралык мамилелер жана дипломатия тармагында иштеп, Кыргызстандын эл аралык аренадагы ордун бекемдөөгө, кызматташтыкты кеңейтүүгө жана өлкөбүздүн кызыкчылыктарын татыктуу көрсөтүүгө салым кошкум келет. Ошондой эле дипломатиялык тажрыйбамды кеңейтип, ар кайсы өлкөлөрдөн келген студенттер, дүйнөлүк деңгээлдеги адистер менен кесиптик байланыштарды түзүү мен үчүн маанилүү.

– Магистратураны аяктагандан кийин Кыргызстанга кайтып, өлкөнүн өнүгүшүнө кандай салым кошууну көздөйсүз?

– Менин негизги максатым алган билимимди, эл аралык тажрыйбамды Кыргызстан үчүн пайдалуу иштерге жумшоо. Келечекте эл аралык мамилелер жана дипломатия тармагында иштеп, Кыргызстан үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууга, мамлекеттер аралык кызматташтыкты кеңейтүүгө, жаштардын потенциалын өнүктүрүүгө салым кошкум келет. Мен үчүн билим алуу жеке ийгиликке жетүүнүн гана жолу эмес, өлкөнө кызмат кылууга даярдануу. Билимди, мүмкүнчүлүктөрдү өлкөмдүн ийгилигине айландыруу менин башкы максатым.

– ОшМУдан алган билимиңиз жана окутуучуларыңыздын колдоосу бүгүнкү ийгилигиңизге кандай таасир берди?

– ОшМУнун Тарых-юридика институтун тандаганымдын негизги себеби, мыйзамга, мамлекеттин өнүгүшүнө жана коомдогу адилеттүүлүк маселелерине болгон кызыгуум. Мен ар дайым укуктун коомдогу орду, адам укуктарын коргоо, мамлекеттин укуктук системасын өнүктүрүү маселелерине кызыгып келгем. ОшМУда мыкты окутуучулар эмгектенишет. Алардын ар бирин терең урматтайм. Окутуучуларымдын берген билими, кеңештери жана колдоосу менин калыптанышыма чоң таасир тийгизди. Университетте алган билимим азыркы жетишкендигиме жетүүгө негиз болду деп эсептейм.

Мээрим Осмонали кызы

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

КИНО ЖАНА ТЕАТР ДҮЙНӨСҮНӨ БАЙЛАНГАН ТАГДЫР

Ар бир адамдын жашоодо өзүнө гана таандык жолу, жүрөгүнө жакын кесиби жана алдыга жетелеген максаты болот. Кээ бирөөлөр өз багытын көп жыл издесе, айрымдар бала кезинен эле эмнеге кызыгарын сезип, ошол кыялына карай ишенимдүү кадам таштайт. Чыгармачылыкка болгон сүйүүсүн эрте таанып, эмгеги менен тажрыйба топтоп келе жаткан жаштардын бири – Өзгөн районунун Куршаб айылынан чыккан, Педагогика жана искусство институтунун 3-курсунун студенти Элизат Курсан кызы. Элизат чыгармачылыгы тууралуу айтып берди.

Алгачкы кадамдар

Мен 2006-жылы туулгам. Бала кезимден тартып кино дүйнөсүнө кызыгып, тасмалардын мазмунуна гана эмес, каармандардын образдары кантип жаралары, кадр артындагы эмгек кандай болору жана чыгармачыл топтун иши кандай уюшулары тууралуу көп ойлончумун. Кино өнөрүнө болгон бул кызыгуум бара-бара чоң кыялга айланып, мени өз максатыма карай жетеледи. Кыялымды ишке ашыруу үчүн Кино академиясы жана режиссура тармагына тапшырдым. Окууда алган теориялык билимимди практика менен айкалыштырып, кино тармагынын ар кыл багыттарында иштеп көрүүгө умтулуп келе жатам. Чыгармачылык жолум студенттик жылдарымдын алгачкы күндөрүнөн тартып эле изденүү, аракет жана жаңы тажрыйба менен коштолуп келе жатат.



Окуу жай мага билим алчу гана жер эмес, өзүмдүн мүмкүнчүлүктөрүмдү сынап, чыгармачылык жөндөмүмдү өнүктүрө турган аянтча болуп калды. Мен биринчи курсумдан тартып эле теория менен чектелбестен, өз алдымча кыска метраждуу тасмаларды жана видеолорду тартып баштадым. Бул иштер аркылуу режиссёрлук жана операторлук багыттарга кызыгуумду тереңдетип, ойду кадр аркылуу жеткирүүнүн жолдорун үйрөндүм. Ар бир тартылган видео, ар бир жаңы идея мага өзүнчө тажрыйба берди.

Биринчи курсумда эле борборубуз Бишкек шаарында тартылган «Интеллигент» көркөм тасмасына катыштым. Тасмага тартылуу менен катар костюмердин милдетин аткарып, каармандардын кийимдерин даярдоого жана алардын образдарына ылайыкташтырууга көмөктөштүм. Кийин Ош шаарында тартылган «Студент» сериалында костюмер боюнча адис болуп эмгектенип, бул багыттагы тажрыйбамды уланттым. Кино жана сериал тартуу учурунда убакытты туура пайдалануу, чыгармачыл топ менен тил табышуу, каармандын образын кийим аркылуу толуктоо сыяктуу маанилүү жагдайларга көңүл бурууга туура келет. Мындай иштердин жүрүшүндө өзүмө жаңы билим алып, кино тармагынын күнүмдүк ишин жакындан таанып жатам.

Кадр артындагы маанилүү эмгек

Тасманын көрүүчүгө таасирдүү жетишине актердук оюн менен катар кадр артындагы көптөгөн адистердин эмгеги да чоң салым кошот. Алардын ичинде гримёр менен костюмердин орду өзгөчө. Каармандын сырткы көрүнүшү анын мүнөзүн, жашаган доорун, абалын жана окуянын маанайын ачууга жардам берет.

Экинчи курсумда көпчүлүккө белгилүү болгон «Кара дуба» жана «Кара дуба 2» тасмаларында гримёр болуп эмгектендим. Бул тасмалардагы ишим аркылуу каармандардын көрүнүшүн түзүүгө катышып, гримдин экрандагы образды жаратуудагы маанисин тереңирээк түшүндүм. Ал эми үчүнчү курсумда «Бригада» тасмасында бир эле учурда гримёр жана костюмер болуп иштедим. Эки милдетти айкалыштыруу чоң жоопкерчиликти талап кылганы менен, мага жаңы көндүмдөрдү өздөштүрүп, кесиптик мүмкүнчүлүктөрүмдү кеңейтүүгө шарт түздү. Окуудагы жетишкендиктерим жана активдүү катышуум да көңүл сыртында калган жок. Искусство факультети аракетимди жана демилгелеримди баалап, Ыраазычылык каттары менен сыйлады.

Билимге жана жаңы тажрыйбага умтулуу

Чыгармачылыкта өсүү үчүн талант менен катар тынымсыз үйрөнүү жана жаңы нерселерди изилдөө зарыл. Мен муну жакшы түшүнүп, өлкөдө жана аймакта өтүп жаткан кинофестивалдарга, чыгармачылык форумдарга катышып келем. Фестивалдар менен форумдарда тажрыйбалуу режиссёрлордун, актерлордун жана кино адистеринин мастер-класстарына катышам. Алардын ой-пикирлери, иштөө ыкмалары жаш чыгармачыл адамдар үчүн чоң сабак.

Театр сахнасында

Менин чыгармачылык жолум кино менен гана чектелбейт. Мен сахнанын өзгөчө атмосферасын, көрүүчү менен түз байланышты жана жандуу аткаруунун күчүн да абдан жакшы көрөм. Акыркы эки жылдан бери Ош шаарындагы Надырбек Шамурзаев атындагы куурчак театрында эмгектенип келем. Куурчак театры – көрүүчүнүн кыял дүйнөсүнө жол ачкан өзгөчө өнөр. Бул жерде ар бир кыймыл, үн, образ жана сахнадагы көрүнүш спектаклдин жалпы маанайын түзүүгө жардам берет. Айрыкча жаш көрүүчүлөргө арналган чыгармаларда балдардын көңүлүн буруп, окуяны түшүнүктүү жеткирүү чоң чыгармачылык изденүүнү талап кылат. Театрдагы эки жылдык ишим сахна маданияты жана театр жамааты менен иштөө жагынан чоң тажрыйба топтоого шарт түздү.

Келечекке багытталган кыялдар

Өнөр жолунда алдыга койгон максаттарым көп. Мен азырынча кино тармагындагы кадр артындагы иштерди аркалап, грим жана костюм багыттарында тажрыйба топтоп жүргөнүм менен, келечекте актриса катары да өзүмдү сынап көрүүнү самаймын. Эң чоң кыялдарымдын бири – тасмаларда башкы ролдорду жаратып, чоң экрандан көрүнүү. Бул кыялга жетүү үчүн мага эмгек, сабырдуулук жана тынымсыз өнүгүү керек экенин жакшы билем.

Кино академиясында алган билимим, тасмалардагы жана сериалдардагы тажрыйбам, театрдагы эмгегим келечектеги чыгармачылык жолумдун маанилүү бөлүгү. Ар бир жаңы долбоор, ар бир аткарылган милдет тажрыйбамды байытып келе жатат. Өзүмө жакын өнөрдү тандап, ошол жолдо аракет кылып жатканыма кубанычтамын. «Өнөр өксүтпөйт» дегендей, эмгек менен изденүү коштолгон жол сөзсүз жемишин берерине ишенем!

Айганыш Нурлан кызы

Калемгер

Ар бир адам өзүнчө талант менен жаралат эмеспи. Чыгармачылык, жазуучулук талант ар бирөөнө эле бериле бербейт. Чыгармачыл адамдар — дүйнөнү сезимдер, терең ойлор жана көркөм боёктор аркылуу кайра жараткан өзгөчө жандар. Кадимки көрүнүштөрдөн сулуулукту көрө билип, дүйнөнү жөнөкөй адамдарга караганда бир кыйла курч кабыл алып, ички толкундоолорун өнөр аркылуу сыртка чыгарышат. Чыгармачыл инсандар тынымсыз изденүүдө болуп, жашоонун маңызын, адам психологиясын жана ааламдын сырларын түшүнүүгө умтулушат. Алардын катарын толуктаган каарманыбыз Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин студенти ЖаңылайУлукбекованын чыгармачылыгы менен тааныштык. Сиз да күбө болуңуз.

– Саламатсызбы? Өзүңүздү кыскача тааныштыра кетсеңиз.

– Саламатсыздарбы! Менин аты-жөнүм — Улукбекова Жаңылай Улукбековна. 2008-жылы 12-июнда Ош облусуна караштуу Өзгөн районунун Семиз-Көл айылында төрөлгөм.2013-жылы туулуп-өскөн айылымдагы №16 Н. Кайназаров атындагы орто мектептин босогосун аттап, билим алуу жолуна кадам таштагам. 2018-жылы Мырза-Аке айылына көчүп келип, окуумду №20 А. Калмурзаев атындагы орто мектепте уланттым. 2025-жылы мектепти ийгиликтүү аяктап, Ош мамлекеттик университетинин Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетине тапшырдым. Учурда аталган окуу жайдын 2-курсунун студентимин. Адабиятка, көркөм сөзгө жана чыгармачылыкка болгон кызыгуум мени ушул багытка жетеледи.

– Жаңылай,чыгармачылык жолуңуз кантип башталып калды эле?

– Менин чыгармачылыкка, тагыраагы, ыр жазууга болгон кызыгуумдун ойгонушуна башталгыч класстагы мугалимим себепчи болгон. 1-классымда апам жөнүндө ыр жазып келүү тапшырмасы берилгенде, алгачкы төрт сап ырымды жараткам. Ошондон тартып көзүмө көрүнгөн нерселердин баарынан шыктануу алып, балалык аруу сезимдеримди ыр саптарына түшүрө баштадым.Башында өзүм үчүн жазчумун, кийинчерээк чакан иш-чараларга, сынактарга катышып, ырларымды Telegram каналыма жана социалдык тармактарга жарыялай баштадым. Ошондой эле телеканалдарга барып, чыгармачылыгымды таанытууга мүмкүнчүлүк алдым.Убакыттын өтүшү менен поэзияга болгон кызыгуум прозага да уланып, быйыл жаз айларында «Дил толкуну» аттуу китебим жарык көрдү. Бул менин чыгармачылык жолумдагы өзгөчө жетишкендиктеримди бири болду.

–Эмне үчүн "Дил толкуну?"

–«Дил толкуну» деген аталышты тандаганымдын өзүнчө бир мааниси бар. Анткени бул китепте менин балалыгымдан бүгүнкү күнгө чейинки ойлорум, сезимдерим, башымдан өткөн окуяларым камтылган. Ар бир чыгарма — жан дүйнөмдүн бир үзүмү, жүрөгүмдөгү толкундардын кагазга түшкөн элеси. Ошондуктан китебимди «Дил толкуну» деп атадым.

–Үй-бүлөдө чыгармачыл жакындарыңыз барбы?

Бул суроону мага көп беришет. Балким, талант муундан муунга өтөт деген түшүнүк калыптанып калгандыктан болушу мүмкүн. Бирок биздин үй-бүлөдө адабият дүйнөсүнө кызыгып, ыр же чыгарма жазган адам жок. Менин чыгармачылыкка болгон кызыгуум өзүмдүн ички дүйнөмдөн, сезимдеримден жаралса керек. Менимче, талант сөзсүз эле тукум кууп өтүшү шарт эмес. Кээде адамдын ичинде эч кимден үйрөнбөгөн, өзүнө гана таандык бир дүйнө жашайт эмеспи.

–Ырлар жыйнагын китеп кылып чыгарайын деген оюңуз барбы?

Ооба, албетте, ырлар жыйнагымды өзүнчө китеп кылып чыгаруу — келечектеги максаттарымдын бири. Анткени ар бир ырымдын өз тарыхы, жаралуу себеби бар. Ырларым аркылуу окурмандарга өзүмдүн ойлорумду, жашоого болгон көз карашымды жеткиргим келет. Буюрса, келечекте ырларымды өзүнчө жыйнак кылып чыгаруу тилегим бар. Ал үчүн дагы да көп аракеттенишим жана жөн гана өмүр сүрүшүм зарыл.

– Акындык өнөр сиз үчүн эмне?

– Кээде кадимки сөз менен жеткире албаган ойлоруңду ыр саптары менен билдиресиң. Акындыкты мен адамдын ички дүйнөсүн, жашоого болгон көз карашын чагылдырган өзгөчө өнөр деп билем. Ал эми мен үчүн ыр жазуу — жан дүйнөм менен сырдашуу, ойлорумду кагазга түшүрүү.

–Кайсы акын-жазуучулардын ыйралары көбүрөөк таасир калтырат?

–Албетте, кыргыз поэзиясынын алпы, Алыкул Осмоновду өзгөчө белгилейт элем. Ошондой эле Бердибек Жамгырчиевдин, Түгөлбай Казаковдун ырлары да мага абдан жагат. Алардын чыгармаларын окуган сайын жаңы ойлорду таап, ар биринен өзгөчө бир таасир алам. Ошол таасирлер ыр жазууга түрттөт. Анан да айлана-чөйрөм, адамдардын тагдыры жана жашоодогу ар кандай көрүнүштөр шык берет. Ырларымды окугандар: «Ушунун баарын башыңдан өткөргөнсүңбү, ушунчалык сезинип жазыпсың го», — деп калышат. Бирок чындыгында, ырларымдын он пайыздайы гана жеке жашоомо байланыштуу болсо, калганынын баары сырттан алган таасирлеримден жаралат. Кээде досумдун дүйнөсүнөн, кээде бир тууганымдын башынан өткөн окуяларынан, кээде жаныбарлардан, кээде жөн гана кыймылсыз турган заттан, атүгүл көчөдөн жолуктурган бейтааныш адамдардан да шыктануу алам. Менимче, чыгармачыл адам болуу — өзүңдүн гана сезимдериңди эмес, башкалардын да дүйнөсүн сезе билүү. Кээде өзүң башыңдан өткөрбөгөн окуяны да жүрөгүңдөн өткөрүп, кагазга түшүрүүгө болот.

– Маек үчүн ыраазычылык билдирем, калемиңиз курчуй берсин!

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

Ырлары

Өз жолунда өмүр сүр

Чоочун жердин, чоочун элдин арасы,
Улам курчуйт көкүрөктүн жарасы.
Күбө болуп, күйөм-бышам күнүгө,
Көбөйүүдө көңүлдөрдүн карасы.

— «Жароокерим, жамандардан адашкын,
Жүзү жарык жакшыларга жанашкын», —
Бул насаатын апакемдин эске алып,
Дос да таптым, душман болдум, жараштым.

Бир адамдар алдап, торго салышты,
Бир адамдар колдон жүгүм алышты.
Жарым жолдон жолдош болгон «жакшылар»
Ошол эле жарым жолдо калышты.

Дос көрүнүп, алга карай кол баштап,
Каска айланды. Калдым дагы көз жаштап.
Беш күнү бар жалган ушул дүйнөдө,
Эми билдим: болот экен жол таштак.

Бирок билгин: жаманы жок адамдын,
Жакшысы көп ошол айткан «жамандын».
Жашай бергин, көмөчүңө гүл тартып,
Бул чындыгы, бул талабы замандын.
Ушак кылбай, өз арабаң сүйрөй бер,
Сурагы бар ар бир баскан кадамдын.

Бир күн

Али бойдон балалыгың кете элек,
Жашың деле жыйырмага жете элек.
Көксөөлөрүң көздөй чурка, көлөкөм,
Мен турганда колдоруңдан жетелеп.
Туура жолдон жаза тайбай жүрө бер,
Бир күн Кудай берет сага эселеп.

Кайгырууга өзүң себеп таппагын,
Жүрөгүңдүн капкагын эч жаппагын.
Өзүң кылган ашты өзүң жеп үйрөн,
Жалган-жалаа жандашыңа такпагын.
Мейли, кээде караланып кала бер,
Бир күн Кудай жазат сага аппагын.

Анча-мынча оош-кыйышы жалгандын,
Ар биринде боло турчу арман-муң...
Сен буларга сарасебиң салбастан,
Камын жей бер сооп утуп алгандын.
Тике жүрүп, тайып калсаң таңданба,
Бир күн жолу чыгат анда калгандын.

Ишен мага – сенин ордуң жарыкта,
Бул керемет кең дүйнөңдү тарытпа!
Өтө өткүр, өтө мокок да болбой,
Жөн жериңден өз-өзүңдү арытпа!
Асыл мүдөөң ураан кылып чуркай бер,
Бир күн сенин изиң калат тарыхта!

Түйүнчөк

Каным сиңген, жаным сиңген жеримди,
Пейли кенен, берекелүү элимди,
Он жашымда таштап көчүп кеткенбиз,
Көздү жуумп, бекем тиштеп эринди.

Чөлмөк издеп жүрүп өткөн түнүмдүн,
«Айры куйрук кеткин!» деген үнүмдүн —
Анын баарын ала келгем жадымда,
Ичинде азыр колумдагы түйүндүн.

Кантип пенде оңой таштайт сүйгөнүн?
Калтырабы жылдар бою үйгөнүн? —
Деп ойлонуп, бир топ туруп, жеримдин
Топурагын бир ууч алып түйгөмүн.

Ал топурак — жөн топурак эместир,
Күн бүткүчө өчпөй турчу элестир.
Капилеттен караңгыга кабылсаң,
Шамын кармап чыга келчү белестир.

Бул түйүнчөк — курут, сүзмө, каймактай,
Балалыктын символундай, байрактай.
Сегиз жылдын жүзү болот ушул күз,
Катып келе жатканыма ардактай.
Күнүнө бир ачып карап жаштыкты,
Кайтып кайра кетип турам чаардактай.

Периштем

Бетиңден сызып ар аккан териң,
Түйшөлүп жатып "түзүкмүн" дедиң.
Бир салаа терге арзыбайм, билем,
Жер үстүндөгү периштем менин.

Түнөрүп кээде үшкүрүп калсаң,
Селт этип башым өмүрдөн жалкам.
Азырча баарын көтөрүп тургун,
Убагы келет – боломун калкан.

Мен токтолдум – өз оюмду кура алам,
Өз күчүмдө жыгылып да, тура алам.
Бүт ааламдын эркин жыйып алсам да,
Ыйлап калсаң миң толгонуп буралам.

Сен күлгөндө кабагыңдан жарк этип,
Тоң жарылып, жер шаарына жаз келет.
Кыш болсо да, аппак аяз кар кетип,
Өз мээрими менен кошо жай келет.

Сага болгон сүйүүм – деңиз көбүгү,
Жан дүйнөмдүн эн бир кооз бөлүмү.
Жутуп жүргөн демим менин,ыйыгым,
Сенсиң апа жүрөктүн тең бөлүгү.

Күлүп жүрчү! Мага жагат күлгөнүң,
Каалабаймын түйшүк тартып жүргөнүң.
Сен мен үчүн жер дагысың, ай дагы,
Сегизинчи кереметі дүйнөнүн!

АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУНДАГЫ ЖАШЫЛ ЭКОНОМИКАНЫН НЕГИЗГИ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ



Бул макалада адамзаттын азык-түлүккө болгон муктаждыгы, калктын өсүшү менен суроо-талаптын жогорулашы, ошондой эле азык-түлүк тартыштыгын алдын алуу жолдору каралат. Кайрак жерлерди сугат жерге айландыруу, айыл чарбасында суу ресурстарын сарамжалдуу, эффективдүү пайдалануу жана "жашыл" экономиканын ыкмаларына өтүү маселелери талдоого алынат.

Азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо — мамлекеттик гана эмес, дүйнөлүк деңгээлдеги курч маселе. Дүйнө калкынын саны күндөн-күнгө өскөндүктөн, азык-түлүккө болгон муктаждык да ошончолук артууда. Экологияны коргоо менен бирге таза, сапаттуу жана жеткиликтүү азык-түлүк өндүрүү үчүн "жашыл" айыл чарбага өтүү зарыл.

Ошондой эле түшүмдүүлүгү төмөн (кайрак) жерлерди өздөштүрүп, сугат жерлерге айландыруу — бүгүнкү күндүн башкы талаптарынын бири. Кайрак жерлер сугат катары пайдаланылса, өндүрүмдүүлүк жогорулап, азык-түлүк тартыштыгы азаят. Мында заманбап зарылчылык болгон тамчылатып жана жамгырлатып сугаруу сыяктуу "жашыл" айыл чарба ыкмаларын кеңири киргизүү талап кылынат. Түшүмү аз же таптакыр иштетилбей жаткан сугат жерлерге да ушул сыяктуу технологияларды колдонуу негизги милдет болуп саналат.

Жергиликтүү суу ресурстарын рационалдуу колдонууда каналдарды, арыктарды калыбына келтирүү (реконструкциялоо) жана сууну түтүктөр аркылуу жеткирүү маанилүү. Бул суунун жерге сиңип же бууланып корошун азайтып, суу менен камсыздоону кыйла жакшыртат.

Жашыл экономиканын артыкчылыгы

Кыргызстан үчүн "жашыл" экономика — экологиялык туруктуулукту сактоо менен катар энергетикалык көз карандысыздыкка жетишүүгө, жаңы жумуш орундарын түзүүгө, сапаттуу айыл чарба продукциясын өндүрүүгө жана экономикалык өсүштү камсыз кылууга багытталган сонун мүмкүнчүлүк. Деградацияга учурап, калыбына келтирүүгө (рекультивацияга) муктаж жерлерди өздөштүрүү да "жашыл" экономиканын айкын мисалы болуп саналат.

Суу ресурстарын сарамжалдуу пайдалануунун негизги этаптары:

* Каналдарды бетондоо: Каналдарды цемент-бетон менен жээктөө суунун жерге сиңип кетишинин жана жай агышынын алдын алып, дарекке тез жетишин камсыздайт.

* Заманбап сугаруу технологиялары: Топтолгон суунун 90%га жакыны айыл чарбасында колдонулат. Ошондуктан жамгыр суусун топтоп пайдалануу жана тамчылатып сугаруу системаларын киргизүү суу чыгымын олуттуу түрдө азайтат.

* Аба ырайынын ысышына каршы чаралар: Жашылдандыруу иштерин кеңейтүү жана эскирген автоунааларды пайдаланууну азайтуу зарыл. Температура жогорулаганда калктын жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн сууга болгон муктаждыгы артып, буулануу көбөйөт. Бул жагдай айыл чарба өндүрүмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизет.

Кайрак жерлерди өздөштүрүүдөгү сунуштар

* Сууну аз талап кылган өсүмдүктөрдү эгүү: Кайрак жерди сугат жерге айландыруунун баштапкы этабында буудай, төө буурчак, күн карама сыяктуу өсүмдүктөрдү өстүрүү сунушталат. Анткени мындай жерлерде топурактын нымдуулукту сактоо жөндөмү төмөн болот. Андан сырткары, буудай өндүрүүнү көбөйтүү өлкөнүн азык-түлүк көз карандысыздыгы үчүн стратегиялык мааниге ээ.

* Түтүк менен суу жеткирүү: Кайрак жерлерге суу жеткирүү татаал болгондуктан, түтүктөрдү колдонуу суунун коромжусуз жана ыкчам жетишин камсыз кылат.

КР Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин маалыматы боюнча, өлкөдө суу тартыш болгон кайрак жерлердин аянты 614 миң гектарды түзөт. Бул өлкөнүн жалпы аянтынын 3,07%ына барабар.

Облустар боюнча бөлүштүрүлүшү:
* Ош облусу — 52 156,42 га
* Жалал-Абад облусу — 92 843,85 га
* Ысык-Көл облусу — 112 294,81 га
* Талас облусу — 68 374,43 га
* Нарын облусу — 136 289,72 га
* Баткен облусу — 138 395,8 га
* Чүй облусу — 13 694,37 га

Бул аймактар негизинен топурак эрозиясына учураган, тузданган жана суу жеткирүү кыйын болгон жерлерди камтыйт. кайрак жерлерди сугат жерлерге айландыруу айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн жогорулатып, азык-түлүк коопсуздугун жана социалдык-экономикалык туруктуулукту бекемдейт.

Учурда аткарылып жаткан чаралар

* Сугат системаларын модернизациялоо: Каналдарды бетондоо (суунун жоготуусун 30-40%га азайтат).

* Тамчылатып сугаруу: Пахта, жашылча жана мөмө-жемиш бактарында сууну 50%га чейин үнөмдөйт.

* Түнкү сугат: Бууланууну азайтуу үчүн түнкүсүн сугаруу тажрыйбасы кеңейүүдө.

* Суу пайдалануучулар ассоциациясы (СПА): Сууну дыйкандар ортосунда адилеттүү бөлүштүрүүнү көзөмөлдөйт.

Климаттын өзгөрүшү жана мөңгүлөрдүн эриши келечекте суу ресурстарынын азайышына алып келиши мүмкүн. Ички чарбалык каналдардын 60-70%ы ондоп-түзөөгө муктаж экендигин эске алсак, эскиче сугаруу ыкмаларынан арылуу — мезгил талабы. Жашыл экономика жана заманбап технологиялар азык-түлүк коопсуздугуна жетишүүдө жана өлкөнүн туруктуу өнүгүшүндө чечүүчү роль ойнойт.

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

«АКЫРКЫ ЖАЛБЫРАК» жөнүндө

Автор жөнүндө

О. Генри (чыныгы аты — Уильям Сидней Портер) — дүйнөлүк адабиятта кыска аңгеменин чебери катары бааланат. Анын чыгармаларында жөнөкөй адамдардын турмушу, сезимдери жана өз ара мамилелери чебердик менен сүрөттөлөт. Алардын катарында белгилүү «Акыркы жалбырак» аңгемеси да бар. Автор чыгармасынын аягын окурман күтпөгөндөй аяктоо менен да белгилүү.

Окуянын башталышы

Окуя Нью-Йорк шаарындагы сүрөтчүлөр жашаган Гринвич-Виллидж деген аймакта өтөт. Алар көбүнчө чыгармачылык менен алектенишчү. Сью жана Жонси аттуу эки жаш кыз да ушул жерде жашайт. Алар сүрөт тартууга кызыгып, бири-бири менен жакын достошкон. Экөө бир батирде жашап, турмуштагы кыйынчылыктарды чогуу жеңүүгө аракет кылышат. Сью ачык-айрым, камкор жана аракетчил кыз болсо, Жонси сезимтал, кыялкеч жана искусствону сүйгөн адам эле. Алардын чоң байлыгы болбосо да, бири-бирин колдоп, келечекке үмүт менен карашчу.

Күз келгенде аба ырайы суукта п, асманды боз булут каптайт. Жамгыр тынымсыз жаап, шамал күчөйт. Ушундай күндөрдүн биринде Жонси катуу ооруп калат. Дарыгер аны текшерип, өпкөсү сезгенгенин айтат. Ал Сьюга оорунун айыгышы дары-дармекке гана эмес, Жонсинин жашоого болгон каалоосуна да байланыштуу экенин түшүндүрөт. Эгер кыз жашоодон үмүтүн үзүп, айыгууга ишенбесе, анын абалы начарлап кетиши мүмкүн эле. Сью бул кабарды угуп, абдан кайгырат. Ал курбусунун жанынан чыкпай, тамак-ашын даярдап, дарысын берип, аны кубандырууга аракет кылат.

Ооруган Жонси төшөгүнөн көп турбай, терезеден сыртты карап жата берет. Терезенин жанында эски чырмоок өсүп турган. Күзгү суук жана шамалдан улам анын жалбырактары биринин артынан бири түшүп жатты. Жонси жалбырактарды санап, акыркы жалбырак түшкөндө өзү да өлөм деп ойлоп алат. Ал бул оюн Сьюга айтканда, курбусу мындай нерселерди ойлобошун, жалбырактын түшүшү адамдын өмүрүнө эч кандай тиешеси жок экенин түшүндүрүүгө аракет кылат. Бирок Жонси өз оюнан кайтпай, акыркы жалбыракка өзүнүн тагдырын байланыштырып алган эле. Сью курбусунун оюн өзгөртүү үчүн аны менен сүйлөшүп, келечектеги пландары жөнүндө эскертип, сүрөт тартууга кайрадан кызыгуусун ойготкусу келет. Бирок Жонси анын сөздөрүн көп укпай, терезеге тигилип отура берет. Ар бир жалбырак түшкөн сайын ал жашоосу аяктап бараткандай сезет.

Берман карыя

Ошол эле үйдүн төмөнкү кабатында Берман аттуу кары сүрөтчү жашачу. Ал көп жылдан бери сүрөт тартып, бир күнү өзүнүн эң мыкты чыгармасын жаратууну кыялданчу. Бирок ал кыялын али ишке ашыра элек болчу. Берман кээде ачуулуу сүйлөп, жаш сүрөтчүлөргө катуу сын айткандыктан, сыртынан орой адамдай көрүнчү. Чындыгында болсо, ал боорукер жана башкаларга кайдыгер карабаган адам эле. Ал Сью менен Жонсини жакшы көрүп, алардын чыгармачылыгын колдоп жүрчү. Бир күнү Сью Берманга Жонсинин ооруп жатканын жана акыркы жалбырак түшкөндө өзү да өлөм деп ишенип алганын айтып берет. Берман бул ойду укканда ачууланып, кыздын мындай ишенимин акылсыздык деп эсептейт. Ошол эле учурда ал Жонсиге жардам берүүнүн жолун ойлойт. Терезенин сыртында чырмооктун бир нече жалбырагы гана калган болчу. Аба ырайы начарлап, катуу шамал менен жаан күтүлүп жаткан. Сью да, Берман да таң атканча акыркы жалбырак түшүп калат деп ойлошкон. Бирок Берман бул абалды жөн гана карап тура алган жок.

Акыркы жалбырактын мааниси

Эртеси эртең менен Жонси терезеден сыртты карап, таң калат. Катуу шамалга жана жамгырга карабастан, чырмооктун сабагында бир жалбырак дагы эле илинип турган. Ал жалбырак караңгы дубалдын жанында жалгыз көрүнүп, аба ырайынын катаалдыгына туруштук берип жаткандай сезилген. Жонси анын качан түшөрүн күтөт. Бирок жалбырак түшпөйт. Күн бою аны карап отуруп, кыздын оюнда акырындык менен өзгөрүү пайда болот. Эртеси күнү да жалбырак ошол жерде турат. Жонси бул көрүнүшкө таң калып, өзүнүн жүрүм-туруму жөнүндө ойлоно баштайт. Ал жалбырак шамалга туруштук берип жатса, анда өзү да жашоого аракет кылышы керек экенин түшүнөт. Ушул убакка чейин ал үмүтүн жоготуп, өлүмдү күтүп жаткан. Эми болсо жашоого кайрадан мүмкүнчүлүк берүүнү каалайт. Ал Сьюдан тамак алып келүүсүн өтүнүп, терезени жаап коюусун айтат. Ошондой эле келечекте сүрөт тарткысы келерин билдирет. Сью курбусунун сөздөрүн угуп, аябай сүйүнөт. Дарыгер кайра келгенде да Жонсинин маанайы жакшырып, айыгууга болгон каалоосу күчөгөнүн байкайт. Анын абалы акырындап оңоло баштайт.

Берман жасаган курмандык

Кийинчерээк акыркы жалбырактын сырын билүүгө болот. Чындыгында, Жонси көрүп жүргөн жалбырак чырмоокто өскөн чыныгы жалбырак эмес эле. Аны Берман карыя дубалга өзү тартып койгон болчу. Ал Жонсинин жалбыракка болгон ишенимин билип, кыздын үмүтүн сактап калууну чечкен. Ошол суук, жаанчыл түнү Берман сыртка чыгып, шамал менен жамгырга карабай дубалга жалбырактын сүрөтүн тарткан. Ал сүрөттү чыныгы жалбырактан айырмалоо кыйын болчу. Берман өзүнүн чыгармачылык жөндөмүн ушул жолу башка адамдын өмүрүн сактап калуу үчүн колдонгон. Бирок ошол түнү суукта жүргөн Берманга илдет жабышат. Ал катуу суукка кабылып, пневмония менен ооруп калат. Аны ооруканага алып барышканда абалы оор экени белгилүү болот. Көп өтпөй Берман дүйнөдөн кайтат. Сью Жонсиге карыянын эмне кылганын айтып берет. Жонси өзүнүн жашоого болгон ишенимин кайтарган жалбырак үчүн Берман өмүрүн тобокелге салганын түшүнөт. Берман көп жылдар бою улуу сүрөт жаратууну кыялданып келген. Акыры анын эң чоң чыгармасы дал ошол жалбырактын сүрөтү болуп калат. Бул чыгарма атак-даңк үчүн эмес, адамга жардам берүү үчүн жаралгандыктан өзгөчө мааниге ээ.

Чыгарманын идеясы

«Акыркы жалбырак» чыгармасы адамгерчилик, достук, үмүт жана жан аябастык жөнүндө баяндайт. Жонси жашоого болгон ишенимин жоготуп, өзүнүн тагдырын акыркы жалбыракка байланыштырат. Бирок жалбырактын түшпөй турушу анын оюн өзгөртүп, кайрадан жашоону каалоосуна себеп болот. Бул жерде жалбырак жөн гана өсүмдүктүн бөлүгү эмес, үмүттүн жана жашоого болгон ишенимдин символу болуп саналат. Сьюнун камкордугу да чыгармада чоң орун ээлейт. Ал курбусун жалгыз калтырбай, ага жардам берүүгө аракет кылат. Ал эми Берман өзүнүн өмүрүн тобокелге салып, Жонсиге үмүт берет. Анын иш-аракети чыныгы боорукерлик адамдын сөзү менен эмес, жасаган иши менен далилденерин көрсөтөт. Берман атактуу сүрөтчү болбогону менен, акыркы жалбыракты тартуу аркылуу өзүнүн эң маанилүү чыгармасын жаратат. Чыгарманын негизги сабагы — кандай кыйынчылык болбосун, адам үмүтүн жоготпошу керек. Ошондой эле бир адамдын камкордугу жана кичинекей көрүнгөн жакшылыгы башка бирөөнүн жашоосун өзгөртө алат. О. Генри окурманга чыныгы улуулук атак-даңкта эмес, башкалар үчүн жасалган жакшылыкта экенин түшүндүрөт. «Акыркы жалбырак» окурманды жакындарына кам көрүүгө, кыйын учурда адамдарды колдоого жана жашоонун баалуулугун түшүнүүгө чакырган таасирдүү чыгарма болуп саналат.

Сарбиназ Эркинбаева

Мыйзам акыйкаттыкты коргосо, поэзия жүрөккө жол табат

Мыйзамды түшүнүп, адамдардын укугун коргоону максат кылган жаш юрист поэзияга да убакыт табат. Бүгүнкү маегибиздин каарманы - Ош мамлекеттик университетинин таланттуу студенти Самат. Ал укук таануу тармагында билим алуу менен катар коомдук иштерге, инновациялык долбоорлорго жана чыгармачылыкка да активдүү катышып келет. Жаш юрист менен адилеттүүлүк, ийгиликке жетүүнүн сырлары, турмуштук тажрыйба жана келечекке болгон максаттары тууралуу маектештик.



– Самат, юрист болууга эмне түрткү берди? Бул кесиптин сиз үчүн эң маанилүү жагы кайсы?

– Мени бул тармакка алып келген негизги себеп – мыйзамдын мүмкүнчүлүктөрү аркылуу адамдардын укуктарын коргоого, коомдогу көйгөйлөрдүн мыйзамдуу чечилишине жана жарандардын укуктук маданиятын жогорулатууга болгон кызыгуум. Анткени адам өз укугун билгенде гана аны аң-сезимдүү коргой алат, ал эми укуктук сабаттуулук өнүккөн коомдо адилетсиздикке каршы туруу мүмкүнчүлүгү да кеңейет.

Юристтин милдети мыйзамдарды билүү менен гана чектелбейт. Ал мыйзамдын маңызын түшүнүп, аны туура колдонуп, ар бир ишке калыстык жана жоопкерчилик менен мамиле кылууга тийиш. Ошондуктан мен үчүн чыныгы юрист - укуктук нормаларды чечмелей алган адис гана эмес, мыйзамдын күчүн адамдын укугун жана коомдук кызыкчылыкты коргоого багыттай алган инсан. Келечекте алган билимимди жеке ийгилигим үчүн гана эмес, мамлекетибиздин укуктук өнүгүшүнө, адам укуктарынын корголушуна жана коомдун мыйзамга болгон ишениминин бекемделишине жумшоону максат кылам.

– Студенттик акыйкатчы аппаратынын жетекчиси катары кандай сабак алдыңыз?

– Мен үчүн эң негизги принциптер - калыстык, мыйзамдуулук, бейтараптуулук жана ар бир адамдын үнүн угууга даяр болуу. Студенттин маселесине анын ким экендигине, коомдогу ордуна же жеке мамилелерге карап эмес, фактыларга жана мыйзамга таянып баа берүү зарыл. Акыйкаттык дал ушундан башталат. Бул кызмат мага маанилүү бир чындыкты үйрөттү: адамдар көп учурда көйгөйүнүн чечилишин гана эмес, алардын үнүн кимдир бирөө угушун, маселесине олуттуу мамиле жасалышын да күтүшөт. Ошондуктан натыйжалуу жетекчилик - буйрук берүү эмес, угуу, түшүнүү, негиздүү чечим кабыл алуу жана ошол чечим үчүн жоопкерчилик алуу.

Менин түшүнүгүмдө, акыйкатчынын ишинин натыйжасы аткарылган иш-чаралардын саны менен гана өлчөнбөшү керек. Анын чыныгы көрсөткүчү - корголгон укуктар, калыс чечилген маселелер жана адамдардын өз укугун коргоо институттарына болгон ишениминин бекемделиши. Бул тажрыйба келечектеги кесиптик жолумда да негизги багытымды аныктады: кайсы жерде болбоюн, мыйзамдуулукту жана адамдын кадыр-баркын биринчи орунга коюу.

– «Sam Jurist» жана «SamatX» долбоорлорунун коомго кандай пайдасы тийиши мүмкүн?

– Мен технологияны өз алдынча максат катары эмес, коомдук көйгөйлөрдү чечүүнүн натыйжалуу каражаты катары карайм. Эгер санариптик чечим адамдын убактысын үнөмдөп, мыйзамды түшүнүүсүнө жардам берип, өз укугун коргоо үчүн туура кадам жасоосуна өбөлгө түзсө, анда анын коомдук мааниси бар. Ошол эле учурда юридикалык бот кесипкөй юристтин ордун толук баса албай турганын түшүнүү зарыл. Ал алгачкы маалымат алууга жардам берет, бирок татаал укуктук жагдайларда квалификациялуу адистин кеңеши керек. Долбоорубуздун Ош мамлекеттик университети тарабынан «Мыкты долбоор» катары таанылышы жана «Ala-Too Hub Battle 2026» сынагында «Мыкты инновациялык долбоор» номинациясына ээ болушу биздин аракеттерибизге берилген маанилүү баа болду.

Менин оюмча, келечектин юристи мыйзамдарды гана билбестен, технологиялык өзгөрүүлөрдү да түшүнүшү керек. Анткени укук менен инновациянын айкалышы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга, укуктук маалыматтын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө жана жарандардын укуктук маданиятын өнүктүрүүгө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

– Окуу, коомдук иштер жана чыгармачылыкка кантип жетишесиз? Сизге эмне дем берет?

– Бул багыттардын баарын айкалыштыруу тартипти, туруктуулукту жана убакытты туура пландаштырууну талап кылат. Мен иштеримди маанилүүлүгүнө жана жоопкерчилигине жараша бөлүштүрүп, биринчи кезекте билим алууга жана негизги милдеттеримди аткарууга көңүл бурам. Андан соң илимий изилдөөлөргө, коомдук демилгелерге жана чыгармачылыкка убакыт бөлүүгө аракет кылам. Ошол эле учурда өнүгүү үзгүлтүксүз аракетти талап кыларын түшүнөм. Ийгилик бир күндө жаралбайт. Ал күн сайын топтолгон билимдин, жасалган аракеттин, кетирилген каталардан алынган сабактын жана баштаган ишти аягына чыгарууга болгон эрктин натыйжасы.

Окуудагы жана коомдук ишмердүүлүктөгү жетишкендиктерим, анын ичинде ОшМУнун «ТОП-20 мыкты студенти» наамына жана Окумуштуулар кеңешинин стипендиясына татыганым, республикалык жана эл аралык сынактардагы сыйлыктарым мага жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Бирок мен бул жетишкендиктерди акыркы чек катары эмес, алдыга койгон максаттарыма карай жолдогу жоопкерчиликтин жогорулашы катары кабыл алам. Мени шыктандырган негизги күч - өзүмдүн мүмкүнчүлүктөрүмдү толук ачуу менен бирге, алган билимим аркылуу башкаларга да пайда алып келүү каалоосу. Анткени жеке ийгиликтин чыныгы баалуулугу анын коом үчүн жараткан пайдасы менен толукталганда гана артат. Мен үчүн убакытты туура пайдалануу - көп ишти бир учурда аткаруу эмес, ар бир ишке татыктуу көңүл буруп, максаттан алыстабай

(Уландысы кийинки бетте)

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

аракеттенүү.

– Жашооңуздагы эң оор сыноо эмнени үйрөттү?

– Менин жашоомдогу эң оор сыноолордун бири - 2025-жылы атамдан айрылуу болду. Атам менин билим алышыма жана келечегиме чоң үмүт арткан адам эле. Анын дүйнөдөн кайтышы мен үчүн орду толгус жоготуу болду. Мындай учурда адамдын ички дүйнөсүндө көп нерсе өзгөрөт. Кайгыны жеңүү, күнүмдүк милдеттерди улантуу жана келечекке болгон ишенимди сактоо оңой эмес. Бирок убакыттын өтүшү менен мен жашоодогу оор сыноолор адамга өзүнүн баалуулуктарын кайрадан аңдап-түшүнүүгө жардам берерин сездим. Атамдын мага болгон ишеними, билимге умтулуумду колдогону жана келечегиме арткан үмүтү мен үчүн өзгөчө мааниге ээ. Ошондуктан окуудагы жана коомдук ишмердүүлүктөгү ар бир кадамымды анын мага берген тарбиясы менен байланыштырам. Анын эмгегин актоо - мен үчүн жөн гана ийгиликке жетүү эмес, татыктуу адам болуп калыптануу.

Бул сыноо мага адамдын күчү кыйынчылыкты сезбегенинде эмес, оор учурларда да үмүтүн, адамгерчилигин жана максаттарын сактап кала алганында экенин үйрөттү. Ошондой эле жашоодогу эң маанилүү нерселердин бири - убакыттын, жакын адамдардын жана берилген мүмкүнчүлүктөрдүн баркын билүү экенин терең түшүндүм. Мен жетишкендиктеримди жеке эмгегим менен гана байланыштырбайм. Алардын артында үй-бүлөмдүн колдоосу, мага ишеним көрсөткөн устаттарымдын салымы жана өз убагында жардам берген адамдардын эмгеги бар. Кээде адамды алдыга жетелеген күч - анын жетүүнү каалаган максаты гана эмес, ошол максатка ишенген адамдардын үмүтү болот. Мен үчүн бул ишенимди актоо - жашоодогу эң маанилүү жоопкерчиликтердин бири.

– Мыйзам менен поэзияны бириктирген эмне?

– Мен үчүн юриспруденция менен поэзия бири-бирине карама-каршы келген эмес, тескерисинче, адамды ар тараптуу өнүктүргөн эки башка дүйнө. Биринчиси акыл-эсти, логикалык ой жүгүртүүнү жана жоопкерчиликти талап кылса, экинчиси сезимди, ички дүйнөнү жана адамдын руханий баалуулуктарын тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Укук мага коомдук мамилелерге мыйзамдын жана адилеттүүлүктүн көз карашынан баа берүүнү үйрөтөт. Поэзия болсо адамдын сезимдерине, тагдырына жана ички дүйнөсүнө көңүл бурууга үндөйт. Менин оюмча, мыкты юрист үчүн кесиптик билим канчалык маанилүү болсо, адамды түшүнө билүү жөндөмү да ошончолук маанилүү. Анткени ар бир укуктук маселенин артында белгилүү бир адам, анын укугу, кызыкчылыгы жана тагдыры турат. Мыйзамды туура колдонуу менен бирге, адамдын кадыр-баркына урмат көрсөтүү да зарыл.

Бош убактымда ыр жазып, сүйүү, сагыныч, адамгерчилик жана жашоонун маңызы жөнүндө ойлорумду кагазга түшүрөм. Чыгармачылык мен үчүн ички дүйнөмдү таанып-билүүнүн жана сезимдеримди сөз аркылуу жеткирүүнүн жолу. Мен үчүн мыйзам - коомдогу адилеттүүлүктү коргоонун куралы, ал эми поэзия - адамдын жүрөгүнө жетүүнүн жолу. Ушул эки багытты айкалыштыруу менин дүйнө таанымымды кеңейтип, кесиптик жана инсандык жактан өнүгүүгө жардам берет.

– Беш жылдан кийин өзүңүздү кандай адис катары көрөсүз?

– Беш жылдан кийинки келечегимди кесиптик жактан калыптанган, терең билимге жана практикалык тажрыйбага ээ, коомдун ишенимине татыган юрист катары элестетем. Бирок мен үчүн негизги максат белгилүү бир кызматка жетүү менен чектелбейт. Эң башкысы - кайсы жерде иштебейин, өз ишимдин сапаты жана натыйжасы менен коомго пайда алып келүү.

Мен адам укуктарын коргоо, мыйзамдуулукту бекемдөө жана укуктук мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошуу багытында иш алып барууну каалайм. Бул үчүн улуттук мыйзамдарды терең өздөштүрүү менен катар эл аралык укуктун тажрыйбасын үйрөнүп, илимий изилдөөлөрдү улантып, кесиптик жөндөмдөрүмдү тынымсыз өнүктүрүү зарыл экенин түшүнөм. Ошондой эле санариптик технологияларды укук тармагында колдонуу багытындагы демилгелеримди улантуу ниетим бар. «Sam Jurist» жана «SamatX» долбоорлорун өнүктүрүү аркылуу укуктук маалыматтарды калкка жеткирүүнүн натыйжалуу жолдорун изилдеп, технология менен укуктун ортосундагы байланышты бекемдөөгө кызыгам. Мындан тышкары, келечекте жаштардын укуктук сабаттуулугун жогорулатууга, алардын билим алуусуна жана коомдук демилгелерине колдоо көрсөтүүгө салым кошкум келет. Себеби бүгүнкү жаштардын билимине жана мүмкүнчүлүктөрүнө инвестиция салуу - мамлекеттин эртеңки өнүгүүсүнө шарт түзүү. Беш жылдан кийин кандай кызматта болорумду убакыт жана эмгек көрсөтөт. Бирок мен өзүмө койгон негизги талап өзгөрбөйт: билимдүү, принципиалдуу, адилеттүү жана жоопкерчиликтүү адис болуу. Мен үчүн эң чоң жетишкендик - жогорку кызматка ээ болуу гана эмес, ошол кызматты ак ниет аткарып, адамдардын укугу корголгон жана мыйзам үстөмдүк кылган коомдун өнүгүшүнө реалдуу салым кошуу.

– Бүгүнкү жаштарга кандай кеңеш бересиз?

– Бүгүнкү жаштарга эң биринчи айтар кеңешим - өзүнө ишенүү менен бирге, билимге, эмгекке жана жоопкерчиликке таянуу. Кыял адамга багыт берет, бирок ошол кыялды ишке ашырган нерсе - күн сайын жасалган аракет. Жаштык - мүмкүнчүлүктөрдүн кеңири мезгили. Бул убакытты жөн гана өткөрүп жибербестен, билим алууга, тил үйрөнүүгө, жаңы жөндөмдөрдү өздөштүрүүгө, коомдук иштерге катышууга жана өзүн ар тараптуу өнүктүрүүгө жумшоо керек. Өзгөчө бүгүнкү өзгөрүп жаткан дүйнөдө бир гана диплом менен чектелбестен, сынчыл ой жүгүртүүнү, технологиялык сабаттуулукту жана адамдар менен натыйжалуу иштеше билүүнү өнүктүрүү маанилүү.

Мен дагы өзүмдүн билим алуу, коомдук ишмердүүлүк жана чыгармачылык жолумда көп нерсени тажрыйба аркылуу үйрөнүп келем. Бул жол мага мүмкүнчүлүк күтүп отурбастан, аны түзүүгө аракет кылуу зарылдыгын көрсөттү. Ошондой эле ийгилик жеке жетишкендиктер менен гана чектелбестен, башкаларга да жол ачуу жана коомго пайдалуу болуу менен бааланарын түшүндүм. Жаштар өз мүмкүнчүлүктөрүн ачуу үчүн биринчи кезекте өзүнүн кызыгуусун аныктап, так максат коюп, ошол максатка жетүү үчүн системалуу аракеттениши керек. Бирок билимдүү жана ийгиликтүү болуу менен катар адамгерчиликти, жөнөкөйлүктү жана мекен алдындагы жоопкерчиликти сактоо да маанилүү. Менин ишенимимде, мамлекеттин келечеги жаштардын колунда деген сөз жөн гана чакырык эмес. Бул - билим алууга, эмгектенүүгө, демилге көтөрүүгө жана коомдук жоопкерчилик алууга даяр болуу дегенди билдирет. Жаштарга айтар негизги оюм: өзүңөрдүн мүмкүнчүлүгүңөрдү кичине көрбөгүлө, бирок жетишкендиктериңерге да ашыкча алданбагыла. Билим менен бийиктикке умтулгула, эмгек менен максатыңарга жеткиле, адамгерчилик менен элдин ишенимин актагыла. Анткени коомго чыныгы пайда алып келген инсан болуу - бул бир күндө берилүүчү наам эмес, өмүр бою жасалган тандоолордун жана аракеттердин натыйжасы.

– Кызыктуу маек үчүн рахмат, ишиңизге ийгиликтерди каалайбыз!

Алина Абдикеримова

БИР ЭЛЕ ЖАҢСОО — АР БАШКА ДҮЙНӨ

Күн сайын биз жүздөгөн адамдар менен пикир алышабыз: курбу-достор, курсташтар, мугалимдер жана бейтааныш адамдар. Бирок маектешибиз ооз ачып эч нерсе дебесе да, анын кабагын бүркөп турганынан эле же кубанычтуу жылмайганынан ички абалын дароо сезип алабыз. Мунун сыры эмнеде?

Илимде муну вербалдык эмес коммуникация — башкача айтканда, сөзгө келбеген, тилсиз тил же сезимдердин үнсүз чагылышы деп аташат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, биз күнүмдүк баарлашууда маалыматтын чоң бөлүгүн сөз аркылуу эмес, так ушул мимика, жаңсоо, көз караш жана үн ыргагы аркылуу кабыл алат экенбиз. Келгиле, сөзсүз түшүнүшүүнүн бул сырдуу дүйнөсүнө кенениреэк токтолуп көрөлү.

Вербалдык жана вербалдык эмес коммуникация деген эмне?

Баарлашуу негизинен экиге бөлүнөт:

Вербалдык коммуникация (сөз аркылуу пикир алышуу): Бул биздин оозеки сүйлөшүүбүз, талкуулар, телефон аркылуу сүйлөшүүлөр, ошондой эле жазуу жүзүндөгү каттар, билдирүүлөр жана электрондук почталар.

Вербалдык эмес коммуникация (сөз колдонбостон маалымат жеткирүү): Бул мимика (жүздүн кыймылы), жесттер (кол жана дене кыймылдары), көз караш, дене тили жана үн ыргагы сыяктуу факторлорду камтыйт.

Биз күнүмдүк жашоодо сүйлөп жатканда да, такыр унчукпай турганда да айланадагыларга тынымсыз маалымат берип турабыз. Мисалы, адамдын жылмаюусу кубанычты билдирсе, кабакты бүркөө нааразычылыкты, ал эми башты ийкөө макул экенин түшүндүрөт.

Көз караш

Баарлашууда көз караш — эң күчтүү куралдардын бири. Бирок маданиятка жараша анын мааниси таптакыр башкача чечмеленет:

Кыргызстанда: Улуулар же мугалимдер сабак түшүндүрүп же кеп айтып жатканда тике карап угуу — сый-урматтын жана көңүл буруунун белгиси. Бирок улуу адамдардын көзүнө өтө узак тик карап туруу тарбиясыздык катары да бааланып калышы мүмкүн.

АКШда: Маектешинин көзүнө тике кароо — бул ишенимдүүлүктүн белгиси.

Японияда: Тескерисинче, бирөөнүн көзүнө узак убакыт тике карап туруу маектешке ыңгайсыздык жаратып, ал тургай оройлук катары кабыл алынат.

Бир эле жаңсоо — таптакыр башка маани! (Абайлаңыз, ыңгайсыз абал жаралып калышы мүмкүн) Дүйнө жүзү боюнча бир эле кол кыймылы же жест ар кайсы мамлекетте жер менен көктөй айырмаланат. Муну билбесек, чет элдиктер же туристтер менен баарлашканда түшүнбөстүккө дуушар болобуз:

«ОК» жаңсоосу

АКШда жана Европада: «Баары сонун», «Макул» дегенди билдирет.

Бразилияда: Адепсиз жана өтө орой маанини түшүндүрөт. Андыктан бул жакта абайлаган оң!

Башты ийкөө жана чайкоо

Бизде: Башты төмөн-өйдө силкип ийкөө — макулдук.

Болгарияда: Башты чайкоо же ийкөөнүн айрым маанилери бизге такыр карама-каршы келип адаштырышы мүмкүн.

Японияда: Баш ийкөө сөзсүз түрдө «макулмун» дегенди билдирбейт, ал көбүнчө «угуп жатам, сени түшүнүп жатам» деген сылыктыкты гана түшүндүрөт.

Беш манжаны чогултуп өйдө көтөрүү

Италияда: Жөнөкөй эле кол кыймылы «Эмне деп жатасың?», «Эмне болду?» же тамак учурунда «Абдан даамдуу!» дегенди билдирет.

Араб өлкөлөрүндө: «Сабыр кыл, сабырдуу бол, азыр күтө тур» деген маанини берет.

Ачык алаканды көрсөтүү

Маектештин алдында алаканыңызды ачык кармоо — чынчылдыктын, жашырар сыры жок ачык адам экениңиздин белгиси. Семинарларда же доклад жасаганда бул ыкма башкалардын ишенимине бат ээ болууга чоң жардам берет.

Грецияда буга байланыштуу «moutza» деген түшүнүк бар. Адам манжаларын жайып, алаканын башка адамга карай көрсөтсө, бул ошол адамды кемсинтүү же катуу мазактоо катары кабыл алынат.

Студенттик жашоодо дене тили бизге кантип жардам берет? Университетте, экзамен учурунда же топтук презентацияларда биздин вербалдык эмес коммуникациябыз ички абалыбызды автоматтык түрдө сыртка чыгарып салат.

Колду көкүрөккө кайчылаштыруу

Көбүнчө коргонууну, маектешке толук ишенбөөнү же маектешүүдөн качууну көрсөтөт. Бирок кээде адам жөн гана үшүгөнүн же ыңгайлуу отурганын билдириши да мүмкүн.

Сөздөр биздин ойлорубузды гана жеткирсе, дене тили, мимика жана жаңсоолор жүрөгүбүздүн кагуусун, сезимдерибиздин чындыгын айтып турат. Ар бир улуттун, ар бир маданияттын өзүнүн үнсүз тили бар. Андыктан башкалардын маданиятын сыйлоо, дене тилин туура түшүнүү — бизди ааламдашкан дүйнөдө катасыз баарлашууга үйрөтөт.

Курсташыңыз менен сүйлөшүп жатып, бүгүнтөн баштап анын кол кыймылдарына жана көз карашына көңүл буруп көрүңүз — өзүңүз үчүн көптөгөн кызыктуу сырларды байкайсыз!

Сарбиназ Эркинбаева

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

Башкы редактору: САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

Редактордун орун басары: Айганыш Нурлан кызы

Редакциялык кеңеш:
А. Айтманбетов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу
Ж. Орозматова

Редакциялык топ:
Сарбиназ Эркинбаева
Алина Абдикеримова
Нуриза Таштанова

Фото кабарчы: Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

Банктагы реквизиттер:
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039

Редакциянын дареги:
Ош шаары, Алымбек датка көчөсү 331,
ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902